Кырг. Д
С31

Антуан де Сент-Экзюпери

# КИЧИНЕКЕЙ ХАНЗАДА



УДК 821.133.1 – 93
ББК 83.8
С31

Мектеп жашындагы кенже жана тестиер балдар үчүн

С31 **Сент-Экзюпери Антуан де**
Кичинекей ханзада
– Б.: — «Кутаалам», 2016. — 92 б.

ISBN 978-9967-26-845-6

С 4804010100-12

ISBN 978-9967-26-845-6

УДК 821.133.1 – 93
ББК 83.8
© «Кутаалам», 2016

*ЛЕОН ВЕРТКЕ*

*Алдагы китепчени чоң кишиге арнап койгонум үчүн кечирим сурайм. Актанып айтарым эле бу: а чоң киши менин эң мыкты досум. Анан калса ал балакеттин баарын, а түгүл балдардын китептерин да түшүнө алат. Акырында айтарым: ал Францияда жашайт, азыр аякта суук, ачарчылык. Демек, менин досум көңүл жубаткан жылуу сөзгө өтө муктаж. Эгер ушул айткандар да актай албаса, анда китепчени досум деген чоң кишинин бала чагына арнайм. Чоң кишилер баары адегенде бала болгон го, бирок аны эстеп жүргөндөр аябай аз эмеспи. Ошентип, мен арноомду кайра түзөтүп жазам: бир кезде бала болгон Леон Вертке.*

# I

Алты жашымда адам аралай элек чер токойлор жөнүндө сөз кылган «Болмуш окуялар» аттуу китептен бир сапар укмуш сурөт көрдүм. Сүрөттө удав деген килейген жылан бир жырткыч айбанды оп тартып жатыптыр. Мынакей ал сүрөт:



Китепте мындай деп жазылыптыр: «Удав өз олжосун чайнабай бүкүлү жутат. Анан тырп эте албай калат да, ошо бойдон алты ай бою уктап жата берет, жутканын аш кылмайынча ойгонбойт».

Шумдук-шумдук окуяларга бай жунглинин турмушу тууралуу көп-көп ой жүгүртүп, акыры түр калем менен биринчи мертебе сүрөт тарттым. Бу менин № 1-сүрөтүм эле. Мына, ал сүрөт:




Тарткан сүрөтүмдү чоң кишилерге көрсөтүп:

— Коркуп атасыңарбы? – деп сурадым.

— Шляпадан да коркчу беле? – дешти алар.

А сүрөт дегеле шляпа эмес болчу. Ал пилди жутуп алган удав эле. Ошондо мен чоң кишилер аңдап алсын деп удавдын ичиндеги пилди айкын көрсөтүп тарттым. Билесиңер, аларга бардык нерсени түшүндүрүп бермейин болбойт. Мына, менин № 2-сүрөтүм:



Чоң кишилер мага жыланды ичинен тартканыңды да кой, тышынан тартканыңды да кой, андан көрө географияга, тарыхка, арифметикага, таза жазууга көбүрөөк көңүл бур деп кеңеш беришти. Жакшы художник болуудан алты жашымда ушинтип айныбадымбы. № 1-жана № 2-сүрөттөрүм эчтекеге арзыбай калган соң өзүмө өзүм дурус ишенбей калдым. Чоң кишилер өздөрү эчтемени аңдап түшүнө алышпайт, ал эми аларга көрүнгөндүн баарын улам-улам эзип түшүндүрүп отуруу балдарды аябай жадатып жиберет.

Ошентип, мага башка кесипти тандап алууга туура келип, учкучтукту үйрөнүп чыктым. Уча берип жер шарын бүт кыдырып койдум окшойт. Ырасын айтсам, географияны окуганым жакшы болгон экен. Мен Аризонадан Кытайды бир караганда эле айрып таанычу элем. Түндөсү жолдон адашып кетсең мунун аябай кереги тиет.

Өмүрүмдө ар кыл олуттуу адамдарды арбын жолуктурдум. Көп убагымды ошолордун арасында өткөрдүм. Алар менен коюн-колтук да жүрүп көрдүм. Ошондо деле алар жөнүндөгү ой-пикирим оңолуп кеткен жок.

Башкалардан акылдуу жана парасаттуу көрүнгөн кандайдыр бир чоң кишиге туш келгенде, ага баягы №1-сүрөтүмдү көрсөтөр элем. А сүрөттү айрып-тыткан эмесмин, дайыма жаныма ала жүрчүмүн. Таанышкан адамым чын эле бирдеме түшүнөбү, – ошону билейин дечүмүн. Бирок алардын баары: «Шляпа турбайбы,» – дей салышчу. Ошондон кийин алар менен удавдар, жунглилер, жылдыздар жөнүндө сүйлөшчү эмесмин. Алар менен бриж жана гольф оюну, саясат менен галстуктар жөнүндө сүйлөшчү элем. Ошонума чоң кишилер да ыраазы болушуп, турмушту туура түшүнгөн адам менен тааныштык деп компоюп калышар эле.

## II

Эзилишип сыр айтышар жан табылбай, ошентип эндекей жашап жүрдүм. Анан мындан алты жыл мурда айла жоктон Сахарага конууга мажбур болдум. Самолетумдун моторунун бир тетиги сынып калды. Жанымда механик да, жүргүнчүлөр да жок эле, ошон үчүн канчалык кыйын болсо да, баарын өзүм оңдоп көрөйүн деп бел байладым. Же моторду оңдошум керек эле, же өлүшүм керек эле. Бар болгону бир жумага араң жете турган суум калган.



Ошентпп, биринчи түнү адам турагынан миңдеген миль алыстагы чөлдүн кумуна жатып уктадым. Кемеси кыйрап, анан океандын чексиз кыйырында такта сал минип калган адам да менчелик жалгызсырабайт. Таң эртеңде мени бүрөөнүн чыйылдаган үнү ойготту. Менин аң-таң калганымды айта көрбөгүлө. Дабыш:

— Мага.. козунун сүрөтүн тартып берчи! – деди.

— Ыя?

— Мага... козу тартып берчи...

Так төбөмөн күтүүсүз күн күркүрөп ийгендей ыргып турдум. Көзүмдү ушалап жибердим. Жан-жагыма карандым. Ошондо мени дегеле олуттуу тиктеп турган кызыктай бир кипкичине адамды көрдүм. Мен кийинчерээк тарткан анын эң дурус сүрөтү мынакей. Менин сүрөтүмдө ал, чынын айтсам, куду өзүндөй жакшына болбой калды. Ошентип калышына мен күнөөлуү эмесмин. Чоң кишилер мага алты жашымда сенден художник чыкпайт деп кесе айтып коюшпады беле, ошонун айынан удавды ичи менен тышынан тарткандан башка эчтеме билбей калгамын.

Ошентип, мен бу үч уктаса түшкө кирбеген кубулушка аңкайып карап турдум. Эсиңерде болсун, мен адам жашаган жерден миңдеген миль алыс элем. Бирок ал балада адашып, же эси чыгып, аябай арып-чарчагандай, же ачка калып, каны катып алсырап араң тургандай кыяпат түк жок. Анын түрүнө карап, бу как эткен каргасы жок чөлдө жүргөн бала там-ташынан алыс калган дешке болбойт. Бир оокумда мага тил кирди:

— Бирок... сен мында эмне кылып жүрөсүң?

Ал дагы да акырын, бирок олуттуу өтүндү:

— Мага... козу тартып берчи..

Мунун баары ушунчалык табышмактуу жана акыл жеткис эле, ошол себептен терс жооп беришке чамам келбе-

ди. Бу эрме чөлдө, өлүмдөн бир эле карыш алыс турганда, канчалык өөн учураганына карабастан чөнтөгүмдөн бир барак кагаз менен түгөнбөс калем учумду алып чыктым. Бирок ошо замат кичинемде географияны, тарыхты, арифметиканы, таза жазууну көбүрөөк үйрөнгөнүм эсиме кылт дей түштү. Мен балага:

— Сүрөт тарта албайм! – деп айттым. Кыязы, бир аз орондобураак айтып койдум окшойт.

Ал көшөрүп туруп алды:

— Баары бир. Козу тартып бер.

Өмүрүмдө койдун сүрөтүн тарткан эмесмин, кутулайын деп баягы өзүм билген эки сүрөттүн бирин – пил жуткан удавды – тарта салдым.

— Жок, жок! Мага удав жуткан пил керек эмес! – деп кыйкырып ийди бала. – Удав өтө опурталдуу, пил опсуз чоң. Менин үйүмдө баары кипкичине. Мага козу керек. Козу тартып бер.

Мен таң калганыман алдастай түшүп, сураганын чампалай салдым.

Ал, тарткан сүрөткө ынтаа менен карап туруп:

— Жок, бу козунун араң эле жаны бар экен. Башкасын тартып бер, – деди.

Дагы тартып бердим. Жаңы тааныш досум менин түшүнбөй жатканыма ырайымы келди белем, болорболбос жымыйып койду.

— Карабайсыңбы, – деди ал, – бу козу эмес да. Бу кочкор турбайбы. Мүйүзүн көрбөйсүңбү...



Мен дагы башкача тарттым. Бу сапар да сүрөтүм анын купулуна толгон жок.

— Бул өтө эле картаң экен. Мага көпкө өлбөй турган козу керек.



Мен чыдабай кеттим. Тезинен моторду текшеришим керек эле. Кутулайын деп мына муну чиймелей салдым:

— Мына ящик, – дедим балага, – мунун ичинде сен каалагандай козу бар.

Көңүлүнө эчтеме толбогон сынчым жадырай түшүп:



— Жакшы болбодубу! Кандай дейсиң, бу козу чөптү көп жейби? – деди. Мен аң-таң калдым.


— Эмне экен?

— Менин үйүмдө баары кичине да...

— Ага жетет. Мен сага кичинекей козу берип жатам.

— Жок, анча деле кичине эмес... – деди ал, сүрөттү үңүлө карап жатып. – Карасаң эй! Уктап калды...

Кичинекей ханзада менен мен ушинтип тааныштым.



# III

Анын кайдан келгенин көпкө биле албай жүрдүм. Кичинекей ханзада мага үстөккө-бөстөк суроо бере берет; а мен андан бирдеме сурасам, укмаксан болуп коёт. Капыс оозунан чыккан, байкабай айтып ийген сөздөрүнөн улам аз-аздан мага баары дайын боло баштады. Мисалы, ал менин самолетумду (самолетту тартпай эле коёюн, баары бир колуман келбейт) адеп көртөндө:

— Бу эмне деген шумдук? – деп сурады.

— Бу «шумдук» эмес, самолёт. Менин самолётум. Асманда учат.

Анан ага уча аларымды мактаныч менен түшүндүрө баштадым. Ошондо ал кубана кыйкырып ийди:

— Кантип? Асмандан түштүңбү?

— Ооба, – дедим мен жай гана.

— Мына тамаша!..

Кичинекей ханзада кыткылыктап күлүп жиберди. Мен ага тырчый түштүм: иши кыйчалыштап турганда ыгы жок күлкүнү ким жакшы көрсүн.

Анан ал:

— Демек, сен да асмандан келипсиң да, – деп койду. – Кайсы планетадан, ия?



«Бу чөлгө кайдан келгениң табышмак болуп жатты эле, көрсө, анын жандырмагы ушундай экен го!» деп ойлодум да, тап жылдырбай сурап жибердим:

— Аа, сен биерге башка планетадан келдим дечи?

Ал жооп кайтарбады. Менин самолётумду тиктеп туруп, акырын баш чайкады:

— Жок, сен муну менен алыстан келе албайт элең...

Ал көпкө мелтиреп ойлонуп калды. Анан чөнтөгүнөн мен берген козуну алып чыгып, ошол баа жеткис дасмиясын сонуркай баштады.

«Башка планеталар» жөнүндө бүдөмүктөтүп айткан сөздөрдөн ынтызарлыгым ашына түштү. Баланын сырын көбүрөөк тартып көрөйүн деп чегип сурадым:

— Бала, сен кайдан учуп келдиң? Үйүң кайда? Менин козумду кайда алып кеткени турасың, ия?

Ал ойго чөгүп унчукпай туруп, анан минтти:

— Ящикти мага ырас берипсиң, козуну түндөсү ичине камап коём.

— Ошент. Жакшы бала болуп турсаң, сага жип да тартып берем, күндүз аны аркандап коёсуң. Казык да берем.

Кичинекей ханзада кабак бүркөдү:

–Байлап эмне кереги бар?

— Байлап койбосоң, дайынсыз алыс-алыс кетип, жоголбойбу.

Тиги досум дагы кыткылыктап күлүп ийди:

— Кайда бармак эле?

Кайда бармак эле! Башы ооган жакка бара берет да каңгып...

— Жоголот деп коркпойм, үйүмдө жер аябай аз эмеспи. – Кичинекей ханзада бу сапар тамашасыз чын сөзүн айтып, кайра муңайыңкы мындай деди. –Башың ооган жакка түз бараберсең, баары бир алыс кете албайсың...



# IV


Дагы бир жаңылыкты мен ушинтип ачтым: көрсө, анын планетасы үйдөй эле бар экен!


Бу мени анча деле таң калтырган жок. Жер, Юпитер, Марс, Венера сыяктуу чоң планеталардан башка жүздөгөн планеталар бар экен, алардын эң кичинелери телескоптун көзүнө да араң-зорго урунарын мен жакшы билчүмүн. Ошондой бир кичинекей планета ачып калса, астроном ага ат эмес, жөн гана номер коёт. Маселен,

«Астероид № 3251» – деп.

Мен Кичинекей ханзада «Астероид В-612» деген бөтөкөй планетадан учуп келди деп болжойм. Анткенимин жүйөөсү бар. Ал астероидди 1909-жылы бир түрк астроном телескоптон бир эле жолу көрүп калган экен.

Астроном өзү ачкан жаңылык тууралуу Эл аралык астрономиялык конгрессте баян этет. Бирок ага эч ким ишенбейт, анткени астроном түркчө кийинип алган болот. Чоң кишилер дегениң ушундай го, чиркин!





B-612 астероидинин ыкыбалы тоодой экен, түрк султаны өзү сурап турган элге европача кийим кийгиле, кийбесеңер өлүмгө кириптер болосуңар деп буйрук кылат. 1920-жылы баягы эле астроном өзү ачкан жаңылык жөнүндө кайрадан билдирүү жасайт. Бу сапар уккандардын баары анын айтканын макул көрөт, анткени ал эң соңку модада жасанып алган эле.


Мен чоң кишилердин айынан гана B-612 астероидин ушунча көп сөз кылып, а тургай номерин да айтып ийдим. Чоң кишилер цифра десе жантыгынан жата калат. Жаңы бир дос тапканыңды сүйүнчүлөсөң, алар эч качан алгылыктуу суроо бербейт. Алар эч качан: «Анын үнү кандай экен? Кандай оюнга ышкыбоз экен? Көпөлөк кармайт бекен? – деп сурабайт. Алар: «Жашы канчада экен? Агаиниси канча экен? Салмагы канча экен? Атасы канча акча табат экен?» – деп сурүштүрөт.

Суроолоруна жооп алган соң алар адамды билип алдык деп компоюп калат. Чоң кишилерге: «Мен кызыл кыштан салган кооз там көрдүм, терезесинде герань гүлү өсүп, ча-

тырында кептерлер учуп жүрөт» – десең, алар өшол үйдү түк көз алдына келтире алышпайт. Аларга: «Жүз миң франктык там көрдүм» – деп айтышың керек, ошондо алар. «О, сонун экен!» – деп тамшанышат.

Анын сыңары аларга: «Кичинекей ханзада чын эле болгонуна далилдер мына: ал ашкан бир азамат бала эле, кыткылыктап күлчү эле, бир козум болсо дечү эле. Ал эми козум болсо деп тилеген жан кантип бу дүйнөдө жашап өтпөсүн» – десең алар ийнин куушуруп тим болот да, сага кирди-чыкты акылы бар балага карагандай карайт. Эгер: «Ал астероид В-612 деген планетадан келиптир» – десең, алар дароо ишенет да, башка суроо бербейт. Чоң кишилер дегениң ушундай. Аларга таарынгандан эч пайда жок. Балдар жөн гана чоң кишилердин ошол кемчилигин көрсө да көрмөксөн, билсе да билмексен болуп коюшу керек.

Бирок турмуш деген эмне экенин жакшы билген биз, албетте, номерлер менен цифраларды шылдыңдап күлөбүз! Оюма койсо, бу повестти мен сыйкырдуу жомок сыңары баштайт элем. Мындай деп баштар элем:



«Бар экен, жок экен, бир Кичинекей ханзада болгон экен. Ал өзүнөн бир аз эле чоңураак планетада жашачу экен, анан ага бир жакшы дос табылбай жүрчү экен...» Турмуштун эмнелигин түшүнгөндөр бу айтканым бүтүндөй чын экенине дароо эле ишенишер эле.

Эл бу китебимди эрмек үчүн гана окусун деп тилебейм. Кичинекей досумду эстесем, жүрөгүм зырп дей түшөт, ошол себептен аны сөз кылганда мен кыйналыш тартам. Ал козусу экөө мени таштап кеткенден бери мына алты жыл өттү. А жөнүндө айтып берейин деп далбас урганым – аны унутпайын дегеним. Досторду унуткандан кейиштүү эмне бар деги. Ар кимдин эле досу боло бербейт. Мен да цифрадан бөлөк эчтемеге кызыкпаган чоң кишилерге окшоп каламбы деп жүрөкзаада болом. Бир ящик боёк менен түр карандаштар сатып алганымдын дагы бир себеби мына ушунда. Өмүрүндө өмүрүң болгондо да алты жашында удавды гана ичинен-тышынан тартып көрүп. анан менин курагыма келгенде кайра сүрөт тарта башташ, калп айткан менен болобу, кыйын эле нерсе экен! Ырас, мен дурус эле окшоштурушка тырышып көрөм. Бирок тартканым ойдогудай чыгарына шегим бар. Бир портрет дурус эле окшош болсо, бирөө таптакыр караандабайт. Бир сүрөтүмдө ханзаданын бою ашкере чоң көрүнсө, экинчисинде – кичинекей. Кийиминин өңү-түсү да жадыман чыгып кетиптир. Мен аны жоромолдоп, эптеп-септеп, мындай да, андай да тартып көрөм. Акыры, мен кээ бир уруңттуу жерлерди жаңылыш тартып коюшум мүмкүн. Ал үчүн силер мени айыптабассыңар. Досум мага эч нерсе түшүндүрчү эмес. Сыягы, ал мени куду өзүндөй деп ойлосо керек. Тилекке каршы, мен ящиктин ичинде жаткан козуну тышынан көрө албайм. Кыязы, мен чоң кишилерге бир аз окшош болсом керек. Балким, картайып бараткандырмын.



...ская
областная детская
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 256689
МЛ. 7/3

# V

Күн сайын мен анын планетасы жөнүндө, ал өзү планетасын кантип таштап, кантип саякаттап кеткени жөнүндө кандайдыр бир жаңылык билип турдум. Сөз ыңгайы келе калганда гана кичине бир жаңылыкты байкабай айтып ийчү. Мисалы, мен үчүнчү күнү гана баобабдардын кесепетинен келген кырсыкты билдим.

Буга да козу себеп болду. Капыстан Кичинекей ханзаданын көңүлүн оор шектенүү өйүй баштады белем, сурап калды:

— Айтчы, козулар бадалдарды чын эле жейби?

— Чын эле жейт.

— Жакшы экен!

Козулардын бадал жеген-жебегени ага эмне себептен мынча зарыл болгонун түшүнө бербедим. Аңгыча Кичинекей ханзада дагы сурады:

Демек, алар баобабдарды да жейт турбайбы?

Жок, баобаб бадал эмес да, – деп мен ага каршы чыктым. Баобаб деген мунардай бийик опсуз чоң дарак болот, сен бир үйүр пилди айдап келсең да, баары биригип бир баобабды жеп түгөтө албайт.

Пилдерди айтканыма Кичинекей ханзада күлүп жиберди:

— Бир пилдин жонуна экинчисин тургузуп койбосоң, алар батмак эмес...

Анан ал каадалуу түр менен:

— Баобабдар адегенде, чоңойгуча, кипкичинекей эле болот, – деди.

— Ал чын дечи. Бирок сенин козуң кичинекей, баобабдарды кайдан жейт эле?

Сөз жөпжөнөкөй, айдан ачык чындыктар жөнүндө жүрүп жаткансып:



— Жебегендечи! – деп койду Кичинекей ханзада. Буга мен башымды аябай катырып, иштин жайы эмне экенин араң дегенде андан билдим.

Планеталардын баарында өскөн пайдалуу чөптөр Кичинекей ханзаданын планетасында да өсө турган. Андай болгон соң аерде жакшы, пайдалуу чөптөрдүн жакшы үрөндөрү, жаман отоо чөптөрдүн жаман үрөндөрү болору шексиз да. Бирок үрөндөр көзгө көрүнбөйт эмеспи. Ичинен бирөө ойгоном деп умтулмайынча, алар терең топурактын астында уктап жата берет. Анан баягы ойгоном деп тырбаландаган үрөн өнүп чыгат; боюн түзөп, мойнун күнгө созот; дегеле татына, дегеле айыпсыз көрүнөт. Эгер бу шалгам же розанын көчөтү болсо, мейли, беймарал өсө берсин. Эгер ал кандайдыр бир жаман чоп болсо, айрып таанып замат тамыр-самыры менен жулуп ташташ керек. Кичинекей ханзаданын планетасында аябай опур-



талдуу, өтө кыянаттуу үрөндөр... баобабдардын үрөндөрү бар эле. Планетанын топурагын бүтүндөй ошол үрөндөр булгап таштаган эле. Эгер баобабды чыгар замат айрып таанытбасаң, кийин шоруңдун катканы. Ал бут планетаны ээлеп алат. Тамырларын тереңге-тереңге сойлотот. Планета кичине болот, баобабдар көп болсо, алар аны барча-барча жарып иет.

— Бир катуу эреже бар, –деди мага Кичинекей ханзада кийинчерээк. – Эртең менен туруп, жуунуп, өзүңдү тартипке келтирер замат планетаңды да тартипке келтир. Баобаб менен роза өнүп чыкканда коёндон окшош болот. Алар бир аздан соң айырмалана баштайт, ошондо күн сайын баобабдарды сөзсүз отоп турушуң керек. Бу аябай кыбыр жумуш, жадатып иет, бирок анча деле оор эмес.

— Бу эрежени силердин балдар да жакшы түшүнүп алсын, сен мындай бир сүрөт тартып көр, – деди ал бир күнү мага. – Эгер алар бир кезде саякатка чыгып калышса мунун пайдасы тиет. Башка иш күтүп турса да зыяны жок.

Бирок баобабдарды эркинче коё берсең, балээге калганың ошол. Мен жалкоо бирөө жашаган планетаны билчү элем. Ал үч көчөттү убагында жулбай койгон экен...

Кичинекей ханзада мага эчтемесин калтырбай баяндап берди, мен ал планетанын сүрөтүн тарттым. Мен адамдарга акыл-насаат айтканды жаман көрөм. Бирок баобабдардын кандай кырсык апкелерин билгендер аз, ал эми кимде ким астероидге барып, калса, аны көп коркунучтар курчап алары бештен белгилүү. Ошон үчүн бу сапар демейдеги



адатыман айныгым келип жатат. «Балдар! – дейм мен, – баобабдардан этият болгула!» Менин досторумду көптөн бери коркунуч күтүп турат, аны мен мурда сезбеген сыңары алар да сезишпей жүрөт. Мен муну досторумдун эсине алдын-ала салгым келет. Мына ошон үчүн бу сүрөттү тирмийип отуруп тарттым, кеткен мээнетиме кенедей ичим оорунбайт. Балким, силер сурарсыңар: эмне үчүн бу китепте баобабдарды тарткан сүрөттөй барандуу сүрөттөр жок? Жообу өтө эле жөнөкөй: мен тырышсам да, алгылыктуу чыкпай койду. Ал эми баобабдарды тартып жатканда, тартып жатканым укмуштай маанилүү, эртеңкиге түртө салбай турган жумуш деген ой мага шык берди, күч берди.

# VI

О, Кичинекей ханзада! Сенин өмүрүң кандай кейиштүү, кандай бирөңчөй өткөнүн бара-бара билдим. Көпкө чейин сенин көргөн-баккан тамашаң күндүн кызарып батканы болгон экен.

Мен аныңы төртүнчү күнү эртең менен:

— Мен күндүн батып баратканын жакшы көрөм. Жүр, күн батканын карайбыз, – дегениңден аңдап калдым.

— Бир аз күтө туралы.

— Эмнени күтөбүз?

— Күндүн батканын.

Адегенде сен бир кур таң калып, анан өзүңө өзүң күлүп жибердиң:

Мен дайым эле үйдө жүргөнсүйм.

Айтса-айтпаса. Америкада чак түш турганда, Францияда күн батарын элдин баары билет. Эгер көз ирмемде Францияга учуп жетишке мүмкүн болсо, күн батканын көрүп, жыргар эле. Бактыга каршы, Франция бизден алыс,



аябай алыс. А сенин бөтөкөй планетаңда отургучту бир нече кадам жылдырсаң эле жете турган. Анан сен каалаган учурда батар күндүн асманын улам-улам көрө берчүсүң...

Бир сапар бир эле күндүн батканын кырк үч ирет көргөмүн! Бир аздан кийин сен:

— Билесиңби.. капа болуп турганда, күндүн батканын карап турсаң жакшы да... – дедиң.

— Демек, күн батканын кырк үч жолу көргөн күнү аябай капаланып турдуң беле?

Бирок Кичинекей ханзада жооп кайтарбады.

# VII

Бешинчи күнү Кичинекей ханзаданын ыймандай сырын билдим. Билишиме дагы да козу себеп болду. Ичинен көп-көп ойлонуп отуруп, бу бүтүмгө келген белем:

— Козу бадалдын көчөтүн жесе, гүл да жейт го? – деп капыстан сурап калды ал.

— Оозуна эмне урунса, жей берет.

— Тикенеги бар гүлдү делеби?

— Ии, тикенектүү гүлдү да жей берет.

— Анда тикенектин эмне кереги бар?



Муну мен билген эмесмин.

Анын үстүнө бош эмес элем: мотордун бир болту жээлип кетип, ошону чыгара албай жаткамын. Абалым аябай оордошуп, суум азайып, айлам түгөнүп турган. Бу аргасыз конуп калганым жаманчылык менен бүтпөсө экен деп корко баштагам.

— Тикенектин кандай кереги бар?

Бир суроо берип алса, Кичинекей ханзада жооп алмайынча такый берчү. Жөн гө көнбөгөн болт кыжырга тийип жатты эле, мен:

— Тикенектин эч кандай кереги жок, гүлдөр тикенекти ачуусуна чыдабай чыгарат, –деп оозума келгенди оттоп салдым.

— Мына кызык!

Бир саам жымжырт боло түштү. Анан ал бир аз кыжырланып:

— Ишенбейм сага! – деди. –Гүлдөр назик. Аларда куулук шумдук болбойт. Анан алар айбаттуу көрүнсөк деп тырышат. Тикенегибиз болсо эле баары коркот деп ойлошот...

Мен унчукканым жок. Ошол саамда: «Эгер бу болт азыр да чыкпай койсо, балка менен тарс бир уруп, сындырып салам» – деп жаткан элем ичимен. Кичинекей ханзада оюму бузду:

— Сен ойлойсуң го, гүлдөр...

— Койчу, айланайын! Эчтеме деп ойлогон жерим жок! Мен сага ойлонбой эле оозума келген сөздү айтып койдум. Көрүп турбайсыңбы мен олуттуу иш кылып жатканымды.

Ал мага таңыркап карап калды.

— Олуттуу иш дейсиңби?

Үстү-башымды карала-торала кылып, балканы колума алып, ага түрү суук, мага түшүнүксүз бир буюмга үңүлүп жаткан элем. Ал мага чекчейип тигиле карап турду да:

Сен чоң кишилердей сүйлөйт экенсиң! – деди.

Бетим чымырай түштү. Бала ого бетер бетимди чымыратты:

— Сен баарын чаташтырып атасың... эчтеме түшүнбөй турбайсыңбы!

Анын ачуусу чындап келген экен. Башын чулгуп алды эле шамал алтын чачтарын үрпөйтө жулмалап жатты.

— Мен бир планетаны көргөм, анда бети чыйкандай кызыл бир төрө жашайт. Ал өмүр бою бир жолу гүл жыттап көрбөптүр. Бир жолу да жылдызга карабаптыр. Эч кимди сүйбөптүр. Эчтеме кылбаптыр. Анын асылганы эле: цифраларды кошуу. Керээли кечке сага окшоп: «Мен олуттуу кишимин! Мен олуттуу кишимин!» деп какшана берет. Те-

кеберликтен жарылып кетчүдөй болуп турат. А чынында ал адам эмес. Ал айгыр тепек.

— Эмне?

— Айгыр тепек!

Кичинекей ханзада жаалы чыккандан кумсарып кетти.

— Миллион жылдан бери гүлдөргө тикенек чыгат. Ага карабай миллион жылдан бери козулар гүлдөрдү жеп келет. Тикенектен кенедей пайда болбосо, гүлдөр неге бар күчүн тикенекке чыгарат? Эмне, ушуну түшүнүү олуттуу иш эмеспи, ия? Козулар менен гүлдөр өз ара согушуп жүргөнү сага тамашабы? Бул, эмне, бети чыйкандай кызыл, семиз төрөнүн арифметикасына арзыбаган кайдыгер нерсеби? Эгер мен дүйнөдөгү жападан жалгыз бир гүлдү билсем, а гүл менин планетамда өссө, андай гүл башка жакта такыр жок болсо, анан бир күнү кичинекей козу байкабай а гүлдү жалмап таштаса, жалмап таштап кандай иш кылганып да билбесе... сага эмне, ушунун бары оюндай көрүнөбү?

Ал кызарып-татарып кетти. Анан кайра сөзгө кпрдн:

— Миллион жылдыздын биреөндө да өспөгөн жалгыз гүлдү сүйсөң арманың болбос; асманды карайсың да, өзүңдү бактылуу сезесиң. Анан өзүңө: «Ошо жакта менин гүлүм бар...» – дейсиң. Эгер козу аны жалмап койсо, жылдыздардын баары жапырт өчкөндөй болбос беле! Эмне, ушуга сен кайдыгер карайсыңбы?!

Ал туталанып сүйлөй албай калды. Капыстан буркурап ыйлап жиберди. Каш карайды. Мен ишимди таштадым. Кесирдүү болт менен балка, чаңкоо менен өлүм мага сокур тыйынча көрүнбөй калды. Бир жылдызда, бир планетада – Жер деген аты бар менин планетамда Кичинекей ханзада ыйлап жатты, эми аны сооротуш керек эле. Мен аны колума алып, алдейлей баштадым. Мен ага мындай дедим: «Сен жакшы көргөн гүлгө эч кандай

коркунуч туубайт... Козуңа ширге тартып берем – тумшугуна кептеп коёсуң... Гүлүңө темир калпакча тартып берем... Мен... Мен... «Эмне деп кобурап жатканымды билген жокмун. Өзүмдү аябай ыңгайсыз, аябай эби жок сездим. Ал эмне деп чакырсам угарын, аны менден качып бараткан жанын канип кууп жетеримди биле албай турдум... Көз жаштын өлкөсү – ал табышмактуу, купуя сырдуу өлкө го, чиркин!

## VIII

Көп өтпөй а гүлдүн жайын жакшы билип алдым. Кичинекей ханзаданын планетасында дайыма жөнөкөй, көзгө комсоо гүлдөр өсчү –алардын гүл желекчелери аз эле, алар биртике жер ээлеп, эч кимге жолтоо болчу эмес. Алар таңзаарда гүл ачып, кечке жуук солуп кала турган. Бу гүл болсо, бир күнү белгисиз жактан шамал айдап келген үрөндөн өнүп чыкты. Кичинекей ханзада башка көчөттөргө жана чөп-чарларга окшошпогон бу көчөттөн көз айырбай жүрдү. Кокус баобабдын кандайдыр бир жаңы түрү болуп жүрбөсүн? Бирок көчөт өскөнүн токтотту да, чанак байлады. Кичинекей ханзада мындай чоң чанакты эч качан көргөн эмес, ошон үчүн чанак ачылса бир укмуш көрөм деп ичинен кымылдады. Ал эми өзүнүн жашыл бөлмөсүндө жашынып жаткан купуя мейман болсо маалкатып сулуулана берди. Ал боёк-





тордун гүлгүнүн тандады. Ар бир желекчесин улам-улам тагып көрүп, камырабай жасанып жатты. Ал кайдагы бир кызгалдак баштанып бул дүйнөгө үрпөйүп көрүнгүсү келген жок. Ал бүт көркүм менен бир жарк этип жадырайын деди. А чиркиниң ченде жок ойсоке эле! Табышмактуу камылгасы күндөн күнгө созула берди. Анан бир күнү, күндүн мурду эми чачыраганда, гүл желекчелери ачылып калды.

Ушу минута деп камынып, ушунча мээнет кылган сулуу эстене берип:

— Ах, араң эле ойгондум... Кечиресиз... Мен саксайып турам, тарана элекмин... –деди.

Кичинекей ханзада жетине албай, кубанып турганын жашыра алган жок:

— Сиз укмуш татынакайсыз!

— Коюңузчу? – деди назик үн, –байкадыңызбы, мен күн менен кошо төрөлдүм.

— Албетте, Кичинекей ханзада ажайып меймандын аздыр-көптүр көтөрүлүп коймою бар экенин баамдап калды, бирок ал жүрөк аптыккандай татынакай эле!



Бир аздан соң гүл:

— Эртемененки тамактын маалы болуп калды окшойт, – деп койду, – кичипейилдик үчүн... мага кам көрүп коёсузбу...

Кичинекей ханзада аябай уялып кетип, суу сепкичти таап, гүлгө булактын кашка суусун септи.

Көп өтпөй сулуунун кербез жана ызакор экени билинди. Кичинекей ханзада анын айынан далай абыгерчилик тартты. Гүлдүн төрт тикенеги бар эле, бир күнү ал ханзадага мындай деди:

— Жолборс келсе келе берсин, мен анын тырмагынан коркпойм!

— Менин планетамда жолборс жок, –деди Кичинекей ханзада. –

Анын үстүнө жолборс чөп жебейт да.



Гүл ызалана түштү:

— Мен гүл эмесмин!

— Кечиресиз...

— Чын, мен жолборс дегенден

коркпойм, бирок шамалдан жаман корком. Сизде шамал тосчу парда жок бекен?

«Өзү өсүмдүк, анан жел тиет деп коркот... кызык, капырай... –деп ой жүгүрттү Кичинекей ханзада. –Бу гүлдүн кыялы кырс экен!»

— Кеч киргенде, мени айнек калпакча менен жаап коюңуз. Аябай суук экен. Бу жер жашоого ыңгайсыз планета көрүнөт. Тиги мен келген жакта...

Ал сөзүн бүтүргөн жок. Бу жерге ал кичинекей дан кезинде келип түшкөн. Анан ал башка дүйнөлөрдүн кабарын кайдан билмек эле. Калпыңы оңой карматып коёр болсоң калп айтып не керек!

Сулуу уяла түштү да, ханзада менин алдымда айыпкер экенин сезсин дегенчелик кылып бирэки жөтөлүп койду.

— Парданыз кана?

— Мен апкелейин деп турдум эле, бирок сиздин сөздү угуп бүтпөй кете алганым жок!



Ошондо гүл ханзаданын бетин аябай бир чымыратайын дегенчелик кылып ого бетер күчөнө жөтөлдү.

Кичинекей ханзада татынакай гүлдү жакшы көрүп калса да, ага кызмат кылышка азыр болсо да, көп өтпөй жүрөгүнө шек саноо төрөлдү. Беймаани сөздөргө итиркейи келип, өзүн бактысыз сезе баштады.


Анын айтканына бекер кулак салыпмын, –деди ал бир күнү мага сырдаштык менен, –Гүлдөрдүн сөзүн элебей эле коюш керек. Аларга жөн гана сонуркап карап, жыпар жытын искеш керек. Менин гүлүм планетамды аңкытып турганда, мен ага кубана албапмын. Жолборстор, тырмактар жөнүндөгү сөздөр ай-я... А сөздөргө мен элжирешим керек экен, а мен ачууланыпмын...

Дагы мындай сырын айтты:

— Мен анда эчтемени түшүнбөпмүн! Сөзүнө эмес, ишине карап бааласам болмок экен. Ал мага жыпар жытын берип, өмүрүмө жарык шоола төккөн тура. Бекер качыпмын! Ошо арсыз кытмырлык менен айлакерликтин артында назик мээрим жатканын туюшум керек экен. Гүлдөрдүн айтканы башка, кылганы башка болорун кайдан билдим! Анда мен өтө жаш экемин, сүйө билчү эмес экемин.

# IX

Баамымда ал келгин куштар менен кошо саякаттамак болот. Кетер күнү таң заардан турду да, планетасын күндөгүдөн жакшыраак жыйыштырды. Ал өчпөй жанып турган вулкандарын жадабай жакшы тазалады. Жанып турган эки вулканы бар эле. Таң эртеден тамак койсоң, дароо ысытчу. Анан тиги экөөнөн башка да бир өчкөн вулканы бар эле. Бирок кырсыкты кайдан деп болбойт! Ошон үчүн ал өчкөн вулканды да тазалап чыкты. Вулкандарды



шашпай тазалап жатканда, алар оргуштап ысык жалын чачпай, бир калыпта текши күйөт. Вулкандын оргуп атылышы мештин морунда көө күйүп өрттөнүп жаткандай. Биз, Жердин адамдары, өтө кичинебиз, вулкандарыбызды тазалаганга алыбыз келбейт. Мына ошон үчүн алар бизге көп бүлүк салат.

Баобабдардын бирин-серин көчөттөрүн жулуп жаткан-да да Кичинекей ханзаданын жүрөгү тыз дей түштү. Эми ал кайра келбейм деп ойлоду. Бирок, ошол таңда демейде кыла жүргөн иши ага башкача бир ыракат берди. Ажайып гүлүнө соңку ирет суу чачып, айнек капкакча менен жа-барда, ыйлагысы келди.



— Саламат калыңыз, –деди ал.

Сулуу жооп кайтарбады.

Кичинекей ханзада кайталап айтты:

— Кош болуңуз.

Сулуу жөтөлуп койду. Бирок бу суукка урунгандагы жөтөл эмес эле.

Мен эселек элем, –деди ал акырын, –Мени кечир. Бактылуу боло көр.

Жемелеген бир сөз айтпады. Кичинекей ханзада аябай айраң калды. Ал уялгандан шаштысы кетип, айнек калпакчаны кармаган бойдон нес болуп турду., Бу муңайым назик мээрим каякта жашырылып жаткан?

— Жашырганда эмне, мен сени сүйөм, –деди сулуу. –Сен аны билген жоксуң, ал менин айбым. Эми айтып-айтпай пайда жок. Сен да мендей эселек элең. Бактылуу болушка тырыш. Калпакчаны ташта, эми анын мага кереги жок.

— А шамалчы?..

— Мен анча деле суукка урунган эмесмин... Түнкү салкын мага жагат. Мен гүл эмесминби.

— А жырткыч айбандар, курт-кумурскаларчы...

— Эгер көпөлөк менен таанышкым келип жатса, эки-үч көпөлөк куртуна кайыл болом да. Көпөлөктөр татына болсо керек. Алар келбесе, мага ким келет эле? Сен алыс-алыс болосуң да. Камсанабай эле кой, чоң жырткычтардан дегеле коркпойм. Менде да тырмак бар.

Сулуу гүл бала кыялы менен төрт тикенегин көрсөтүп койду. Анан кыжырлана түштү:

— Маалкатпачы, бай болгур, кыйнабачы! Кетер болсоң жөнөбөйсүңбү эми.

Ал өзүнүн ыйлаганын Кичинекей ханзадага көрсөткүсү келбеди. Ашкан намыскөй жан эле а гүл...

# X

325-, 326-, 327-, 328-, 329-, жана 330-астероиддер Кичинекей ханзаданын планетасына башкалардан жакын турчу. Ошон үчүн ал адегенде ошолорго багыт алды: кантсе да өзүңө бир иш таап, бирдеме үйрөнүшүң керек го.

Биринчи астероидде король жашайт экен. Арс чычкандын терисинен жакасы бар кызыл кымкапка оронуп, жөнөкөй, бирок дегеле сөөлөттүү тактысында отуруптур.

Кичинекей ханзаданы көрөр замат:

— А, мына менин букарам! – деп кыйкырды король.

«Мени кайдан тааныды? – деп ойлоду Кичинекей ханзада. – Мени биринчи көрүп жатпайбы!»

Королдор дүйнөгө аябай үстүрт караарын, алар элдин баарын баш ийген букарам деп эсептээрин ал билчү эмес.

Король бирөөлөргө королдук кыла аларына жетине албай:

— Келчи бери, сени бир жакшылап карап багайын, – деди.

Кичинекей ханзада көчүк басар жер табылар бекен деп эки жагын каранса, көлкөйгөн санжыргалуу арс чычкандын мантиясы планетаны бүт бойдон жаап калыптыр. Тике туруп турушка аргасыз болду. Ал аябай чарчаган эле... анап капыстан оозун араандай ачып эстенип жиберди.

— Королдун көзүнчө эстегенге салт уруксат кылбайт, – деди король, –Сен эстенбе, тыюу салам.

— Мен байкабай эле... –деди осолдой түшкөн ханзада. –Мен жол азабын көп тартып, такыр уктай элекмин.

— Мейли, анда эстене бер, уруксат, –деди король. – Эстенген адамды көрбөгөнүмө көп жыл болду. Бу мага аябай кызык. Кана, эетен! Буйругум ушул.

— Мен ийменип атам... Эми эстене албайм... –Кичинекей ханзада мукактанып, кызара түштү.

— Мм, мм... анда эмесе буйрук кылам: бирде эстенип, бирде...

Король чаташып калды, сыйкы ачуусу да кармай түштү окшойт.

Королго кыңк этпей баш ийип турган жагат эмеспи. Каяша айтып кыр көрсөткөндү ал көтөрө алмак эмес. Бу король болсо бийлиги чексиз монарх. Бирок ал ак көңүл адам, ошондуктан дайыма акылга сыйган буйруктарды бере турган.

«Эгер мен генералыма деңиздин ак чардагы болуп кубул деп буюрсам, анан генерал буйругумду аткара албай койсо, анын күнөөсү эмес, менин күнөөм», –дечү король.

— Отурсам болобу? – деди Кичинекей ханзада батына бербей.

Король:

— Буйрук кылам: отур! – деди да, арс чычкан жакалуу мантиясынын бир этегин өзгөчө бир сөөлөттүү шаани менен жыйрып койду.

Кичинекей ханзада дагы эле түкшүмөлдөп жатты. Планета кепкенедей экен. Бу король деги эмнени башкарат?

— Таксыр, –деди ал, –сизге бир суроо берсем болобу?

Король шашып кетти:

— Буйрук кылам: сура!

— Таксыр... Сиз эмнени башкарасыз?

— Баарын, –деп койду король тек гана.

— Баарын дейсизби?

Король өз планетасына, ошондой эле башка планеталарга да, жылдыздарга да жай гана колун нускады.

— Ушулардын баары баш иеби? – деп Кичинекей ханзада кайра сурады.



— Баш иет, –деди король.

Анткени ал ченемсиз бийлик берилген монарх эле, кандайдыр бир чек дегенди билчү эмес.

— Жылдыздар да сизге баш иеби? – деп такыды Кичинекей ханзада.

— Ананчы, –деди король. –Жылдыздар көз ирмемде баш ийип калат. Каяшаны көтөрө албайм.

Кичинекей ханзада жетине албай катуу сүйүндү, Анын да ушундай кудурети болсочу! Анда ал күндүн батканын бир күндө кырк үч эмес, жетимиш эки, жүз, эки жүз жолу көрүп, моокумун кандырар эле! Ан үчүн ага отургучту улам жылдырып тургандын да кажаты болмок эмес. Ошондо ал өзү таштап кеткен планетасын эстеп, кайра кусалана баштады да, анан кайраттанып королдон сuranды:

— Күндүн батканын көргүм келет... Ыракым этиңизчи, күнгө бат деп буйрук кылыңызчы...

Эгер мен кайсы бир генералга көпөлөк болуп гүлдөн гүлгө учуп кон деп, же трагедия жаз деп, же деңиздеги ак чардакка айлан деп буйрук кылсам, анан генерал буйругумду аткара албаса, анда ким күнөөлү болот? Менби же генералбы?

Кичинекей ханзада буйдалбай шар жооп берди:

Сиз, таксыр.

— Ап-балли, –деп кубаттады король. –Ар ким алына жараша. Бийлик биринчи иретте акылга таяныш керек. Эгер сен элиңе сууга чөк деп буйрук кылсаң, элиң революция чыгарат. Мен баш ийүүнү талап кыла алам, ага акым бар, анткени мен, буйруктарымды акыл менен берем.

— А күндүн батканы кантет? – деп эстетти Кичинекей ханзада. Ал бирдеме сурадыбы, жооп алмайын тынч албай турган.

— Күн батканын да көрөсүң. Мен күнгө «бат» деп айтам

Бирок, ылайыктуу шарт келишин күтө турам, королдун акылмандыгы мына ушунда, эгер билсең.

— А ылайыктуу шарт качан болот? – деп каңкуулады Кичинекей ханзада.

— Мм, мм, –деп койду король календарын барактап жатып. –Болот, болот... мм, мм... бүгүн кечки саат жетиден кырк мүнөт өткөндө болот. Ошондо сен менин буйругум кандай так орундаларын көрөсүң.

Кичинекей ханзада оозун ачып эстеди. Бу жерде күндүн батканын каалаганда көрө албайт экенсиң эмне! Ырасын айтканда, ал зериге баштады.

— Мен кеттим, –деди королго. –Биерде мен эми эмне кылат элем.

— Кете көрбө! – деди король, ал өзүнө баш ийген адам табылганына корсоюп отурган эле, эми андан айрылгысы келген жок. –Сен кал, министр кылып дайындайын.

— Эмненин министри?

— Тиги... Юстициянын.

— А биерде кимди соттомок элем!

— Аны дагы көрө жатабыз, – деди король, – мен өз мамлекетимди алигиче баштан-аяк карап чыга элекмин. Карып да калдым, карета кармаар орун жок, жөө басканда бат чарчап калам.

Кичинекей ханзада кыйшая эңкейип, планетанын аркы жагын дагы бир ирет карады.

— Мен карап көрдүм! –деп кыйкырды ал. –Аякта деле эчтеме жок экен.

— Анда өзүңдү-өзүң сотто! – деди король. –Бу баарынан кыйын. Бирөөлөрдү соттогондон өзүңдү соттогон алда канча оор. Эгер өзүңдү калыс соттой алсаң, анда сен чын эле акылмансың.

— Мен өзүмдү каерде болсо да соттой алам, –деди Ки-

чинекей ханзада, –Ан үчүн сиздин жаныңызда калгандын кажаты жок...

— Мм, мм... –деди король. –Менин планетамда бир карыган момолой чычкан жашаса керек. Түндөсү кытыратканын угуп калам. Сен ошо карт момолойду соттошуң керек. Аны кезек-кезек өлүм жазасына өкүм кылып тур. Анын өмүрү сенин колуңда болот. Бирок аны улам-улам кайра актап тур. Карыган момолойду сактоо керек, ал биздин жалгыз момолой да.

— Мен өлүм жазасына өкүм кылганды жаман көрөм, –деди Кичинекей ханзада. –Мага эчтеменин кереги жок, мен кетем.

— Жок, кетпейсиң, – деди король.

Кичинекей ханзада жөнөй берейин деп өзүнчө бүтүм чыгарды, бирок картаң монархты капа кылып кеткиси келбеди.

— Эгер таксыр ылайык тапса, эгер өзүңүздүн айтканыңыз эки болбосун десеңиз, мага акылга сыяр буйрук берсеңиз жакшы болор эле, –деди ал. –Мисалы, мага азыр бир мүнөт кармалбай жолго чык деп буйрук бере аласыз. Менимче, азыр ушундай буйруктун жагдайы келип турат.

Король жооп кайтарбады. Кичинекей ханзада эмне кыларын билбей бир аз аялдап турду да, анан бир күрсүнүп алып, жөнөй берди.

Король артынан:

— Сени элчи кылып дайындадым! – деп шашыла кыйкырып калды.

Анын кебетесинде каяша айтканды көтөрө албас кыяз бар эле.

Кичинекей ханзада сапар тартып баратып: «Чоң кишилер деги кызык калк», –деп ойлоду.

# XI

Экинчи планетада атак сүйөр жашайт экен. Ал Кичинекей ханзаданы алыстан көрөр замат кыйкырып жиберди:

— О, мына, урматтоочу да келип калды!

Кекирейген куу чиренге элдин баары жалгыз ошону көрүп, жалгыз ошого суктанып жаткандай көрүнөт.

— Арбаңыз! –деп салам айтты Кичинекей ханзада. – Шляпаңыз кызык экен.

— Мага таазим кылгандарга алик алыш үчүн ушинтип алгам,– деп түшүндүрдү атак сүйөр.– Куттуктап мага салам беришкенде таазим кылышым керек. Бирок Кудай уруп, биерге эч ким келбейт.

— Ошондойбу? – деп койду Кичинекей ханзада калп эле: ал эчтемени түшүнө албай турган.

— Кол чаап койчу, – деди атак сүйөр.

Кичинекей ханзада алакан шапалактады. Атак сүйөр шляпасын алып, сылык таазим кылып койду.

«Картаң королдукуна караганда биерде көңүлдүүрөөк экен», – деп ойлоду Кичинекей ханзада. Ал дагы алакан шапалактай баштады. Атак сүйөр болсо шляпасын алып, таазим кыла берди. Бул тамаша беш мүнөтчө улам-улам



кайталанган соң Кичннекей ханзада жадап кетти.

— Эмне кылганда шляпаң учуп түшөт? – деп сурады ал.

Бирок, атак сүйөр укмаксан болуп койду. Куу чирен адамдардын кулагына мактоодон башка сөз кирбейт эмеспи.

— Сен чын эле мени жан-дилиң менен урматтайсыңбы? –деп сурады ал Кичинекей ханзададан.

— Урматтайт деген эмне?

— Эгер ушул планетада менден сулуу, менден көрктүү, менден бай, менден акылдуу башка адам жок деп эсептесең – урматтаганың ошол.

Сенин иланетаңда сенден башка эч ким жок болсо эмне кылам?

— Баары бир мага суктана бер. Кана, мени бир жыргатчы!

— Мен сени көрүп таң калып, сонуркап, кубанып турам, – деди Кичинекей ханзада бир аз ийнин куушуруп, –бирок сен ошого да кубанасыңбы?

Анан ал атак сүйөрдөн качып жөнөдү. Жөнөп баратып ал: «Чын эле чоң кишилер аябаган кызык калк», –деди баёо кыялында.

## XII

Андан соңку планетада аракеч жашайт экен. Кичинекей ханзада аерде аз эле турду, бирок ошондон кийин анын маанайы пастабыраак калды.

Ал ошо планетага келгенде, аракеч алдына тизилген арактуу жана бош бөтөлкөлөргө карап үңкүйүп отурган экен.

— Эмне кылып атасың? – деди Кичинекей ханзада.

— Ичип атам, –деди аракеч дулдуюп.

— Эмне үчүн ичип атасың? – деди.



— Унутайын деп.

— Эмнени унутайын деп?

Кичинекей ханзада аракечти аяп кетти.

— Уятымды унутайын деп. –Аракеч чынын айтып, башын шылкыйтты.

— Эмнеден уялып жүрөсүң? –деди Кичинекей ханзада тиги бечарага жардам кылгысы келип.

— Ичкенимден уялам! – деди аракеч. Сабасаң да мындан башка сөз андан чыкчудай эмес.

Эчтеме түшүнбөй делдейген Кичинекей ханзада андан ары жөнөй берди.

«Шек жок, чоң кишилер өтө кызык калк», –деп ойлоду ал сапар тартып баратып.

# XIII

Төртүнчү планета иш билги камбыл адамдыкы экен. Кичинекей ханзада келгенде, ал башын көтөрүи карап койбой иштей берди.

— Арбаңыз! – деп салам айтты Кичинекей ханзада. – Чылымыңыз өчүп калыптыр.

— Үчкө экини кошсо – беш. Бешке жетини кошсо – он эки. Он экиге үчтү кошсо –он беш. Саламатсызбы. Он бешке жетини кошсо –жыйырма эки. Жыйырма экиге алтыны кошсо – жыйырма сегиз. Ширенке чакканга чоло жок. Жыйырма алтыга бешти кошсо –отуз бир. Уф! Демек, баары биригип беш жүз бир миллион алты жүз жыйырма эки миң жети жүз отуз бир.

— Беш жүз миллион эмне?

— Ия? Дагы эле кете элексиңби? Беш жүз миллион... Билбейм, эмне экенин... Ишим чачыман көп! Меи олуттуу адаммын, бекер калжырап олтура албайм! Экиге бешти кошсө – жети...

— Беш жүз миллион эмне? – деп Кичинекей ханзада кайра сурады: ал бирдеме сураса, жооп алмайын тынчу эмес.

Камбыл адам башын көтөрдү.

— Бу планетада жашаганыма элүү төрт жыл болду, ошондон бери мага үч эле жолу жолтоо кылышты. Биринчи жолу мындан жыйырма эки жыл мурун бир тампыс коңуз келип калыптыр. Ал аябай шоокум салып, мен кошуудан төрт ката кетирип койгом. Экинчи жолу мындан он бир жыл мурда, кызыл жүгүрүгүм кармап калды. Дайым отуруп иштегенимен. Сейилдикке убактым жок. Мен олуттуу адаммын. Үчүнчү жолу... Мына азыр! Ошентип, беш жүз миллион...

— Беш жүз миллион эмне?

Камбыл адам жооп бериши керек экендигин, антпесе кутулбасын түшүндү.

— Беш жүз миллион тиги немелер... кээде абада көрүнө калган немелерчи...

— Эмне, чымындарбы?

— Жо-ок, Кичинекей, жылтыраган немелер.

— Аарыларбы?

— Жо-оок. Кичинекей, күмүштөнгөн немелер, ар бир жалкоо көрөр замат кыялданып кетет. Мен олуттуу адам-мын. Кыялданышка чолом тийбейт.

— А, жылдыздарбы?

— Таптың, таптың. Жылдыздар.

— Беш жүз миллион жылдызбы? Сен аларды эмне кыласың?

— Беш жүз бир миллион алты жүз жыйырма эки миң жети жүз отуз бир. Мен олуттуу адаммын, тактыкты жакшы көрөм.



— Беш жүз миллион жылдызды эмне кыласың деп жатам?

— Эмне кылам?

— Ии?

— Эчтеме кылбайм. Мен алардын ээсимин.

— Жылдыздардын ээси болосуңбу?

— Ооба.

— Бирок мен бир королду көрдүм эле, ал...

— Королдор эчтеменин ээси эмес. Алар жөн гана башкарат. Ал такыр башка маселе.

— Сен эмне үчүн жылдыздарды ээлеп жүрөсүң?

— Бай болуш үчүн.

— Эмне үчүн бай болушуң керек?

— Эгер кимдир бирөө жаңы жылдыздарды ачса, сатып алыш үчүн.

«Бу баягы аракечтей сүйлөйт экен», – деп ойлоду Кичинекей ханзада.

Анан дагы кайра такып кирди:

— Жылдыздарды кантип ээлеп алса болот?

— Жылдыздар кимдики? – деди камбыл күңк этип.

— Билбейм. Эч кимдики эмес.

— Демек, меники, анткени, муну биринчи ойлогон мен болдум.

— Сен ошого эле ыраазысыңбы?

— Ананчы. Эгер сен алмаз тапсаң, эгер анын ээси чыкпаса, ал сеники. Эгер сен ээси жок арал тапсаң, а да сеники. Эгер сенин башыңа кандайдыр бир идея баарынан мурда түшсө, сен ага патент аласың: ал сеники болот. Мен жылдыздардын ээсимин, анткени жылдыздарды ээлеп алганды мага чейин эч ким ойлогон эмес.

— Мунуң чын экен, –деди Кичинекей ханзада. –Деги жылдыздарды эмне кыласың?

— Аларды ээлеп турам, –деди камбыл. –Эсептеп чыгам, кайра эсептейм. Бу абдан кыйын. Бирок мен олуттуу кишимин.

Мындай жооп Кичинекей ханзаданы алымсындыра албады.

— Эгер менин жибек кол жоолугум болсо, аны мен мойнума орой алам, жаныма алып жүрө алам, –деди ал. –Эгер менин гүлүм болсо, аны үзө алам, жаныма алып кете алам. А сен жылдыздарды ала албайсың да!

— Жок, мен аларды банкка салып коё алам.

— Кантип?

— Мына минтип: канча жылдызым болсо, ошонун баарын кагазга жазам. Анан а кагазды ящикке салып, кулпулап коём.

— Болдубу анан?

— Ошо мага жетет.

«Кызык экен! – деп ойлоду Кичинекей ханзада. –А тургай кандайдыр бир сонундугу да бар. Бирок анча деле олуттуу иш көрүнбөйт».

Эмне олуттуу, эмне олутсуз – аны Кнчинекей ханзада өзүнчө түшүнө турган, анын түшүнүгү чоң кишилердикине дал келчү эмес.

— Менин бир гүлүм бар, –деди ал, –күн сайын эртең менен ага суу себем. Үч вулканым бар, жума сайын аларды тазалап турам. Үчөөнү тең тазалайм, өчүп калганын да. Кырсыкты кайдан деп болбойт. Мен ээси болгонум вулкандарыма да, гүлүмө да пайдалуу. Ал эми жылдыздарга сенин эч кандай пайдаң тийбейт...

Камбыл адам бирдеме дейин деп оозун ачты, бирок эмне деп айтарын билбеди. Кичинекей ханзада жолуна түштү.

Сапар тартып баратып: «Жок, чоң кишилер чынында да таң каларлык калк», – деди ал баёо кыялында.

# XIV

Аябай кызык планета бешинчи планета экен. Баарынан кичине. Анда бир фонарь, бир фонарчы бар экен. Көк асмандан көзгө илешпеген, тамсыз жана адамсыз бу кепкенедей планетага фонарь менен фонарчынын кандай зарылы бардыгын Кичинекей ханзада эч бир түшүнө албады. Бирок ал мындай ой жоруду:

«Балким, бу адам теңирден тетири көрүнөр, бирок ал королдой, атак сүйөрдөй, камбылдай, аракечтей тетири эмес. Анын кылганында бир маани бар. Ал фонарын жакканда, дагы бир жылдыз же гүл жаралгандай боло түшөт. Ал фонарын өчүргөндө, жылдыз же гүл уктап кеткендей боло түшөт. Бу ашкан татына, ашкан кооз жумуш, ошон үчүн пайдалуу».

Ошо кичинекей планетага оропара келгенде, ал фонарчыга ызат менен таазим кылды.

— Арбаң, –деди ал. –Фонарыңды азыр эмнеге өчүрүп койдуң? !

— Шерт ушул, –деди фонарчы. –Бар бол.

— Эмне деген шерт ал?

— Фонарды өчүрөм деген шерт. Кечиң кут болсун.

Ал фонарды кайра жакты.

— Эмнеге фонарды кайра жактың?

— Шерт ушул –деди фонарчы.


Кичинекей ханзада чынын айтты:

— Түшүнбөй турам.

— Түшүнбөгөндөй эчтемеси жок, –деди фонарчы, – Шерт деген шерт. Күнүң кут болсун.

Фонарды дагы очүрүп койду.

Анан чакмак кызыл кол жоолугу менен терин аарчып, мындай деди:



— Өмүрүм өтө мээнеттүү. Бир кезде мунун мааниси бар эле.

Мен фонарды таң атканда өчүрүп, кеч киргенде кайра жакчумун. Күндүз эс алчу элем, түндөсү уктачу элем...

— Эмне, кийин шерт бузулдубу?

— Шерт эч бузулган жок, –деди фонарчы. –Балекеттин баары ошондо турбайбы! Планетам жыл өткөн сайын катуураак айланып баратат, а шерт болсо мурункудан өзгөрбөй келатат.

— Эмне эмне болот? – деди Кичинекей ханзада.

— Эчтеме болбойт. Планета мүнөт сайын чарк айланып турат, а мен көз ирмемге да тыным албайм. Мүнөт сайын фонарды өчүрүп, өчүрөр замат кайра жагып турам.

— Мына тамаша! Демек, сенин күнүң бир мүнөттө эле өтүп кетет экен да!

— Эч кандай тамашасы жок, –деди фонарчы. –Сен экөөбүз сүйлөшүп тургандан бери бир ай болду.

— Бир ай?!

— Ооба. Отуз мүнөт. Отуз күн. Түнүң кут болсун!

Ал фонарын дагы жакты.

Кичинекей ханзада фонарчыга карап туруп, ушу өз сөзүнө айныбай бек турган адамды ичинен аябай жактырып калды. Кичинекей ханзада өзү баягыда күндүн батканын кайта-кайта көрөм деп отургучту улам алдыга жылдыра бергенин эстеди. Ал тиги досуна жардам кылгысы келди.

— Кулак салчы, –деди ал фонарчыга, –Мен бир айла таптым: сен качан кааласаң, ошондо эс ала бересиң...

— Менин эс алгым дайыма эле келип турат, –деди фонарчы.

Сөзгө бек турган, бирок жалкоолугун койбогон адамдар да бар эмеспи.

— Сенин планетаң аябай кичине экен, –деди ханзада сөзүн улап, –сен аны үч арымдасаң чарк айланып чыккыдайсың, Эгер ылдамыраак баса берсең – күн төбөңдө батпай тура берет. Эс алгың келгенде сен баса бер, баса бер... ошентсең такыр түн кирбейт, күн сен каалаганча созула берет.

— Кой, анткенден мага эч пайда жок, –деди фонарчы.^_ Мен баарынан уктаганды жакшы көрөм.

— Анда алың кыйын экен, – деп көңүл улады Кичинекей ханзада.

— Алым кыйын, –деп кубаттады фонарчы. Күнүң кут болсун!

Ал фонарын кайра очүрдү.

«Баягы король, атак сүйөр, камбыл, аракеч –айтор элдин баары кокус бу адамды көрүп калса, аябай жектешер эле, –деп ойлоду Кичинекей ханзада сапар тартып баратып. –Бирок, менимче, ошолордун ичинен жалгыз ушуга гана күлкүң келбейт.

Буга, балким, жалгыз өзүиүи камын гана жебегени себептир».

Кичинекей ханзада улутунуп койду.

«Мен дос болчу киши ушу экен, –деди ал ичинде. –Бирок анын планетасы өтө бөтөкөй экен. Эки киши баткыдай эмес...»

Ушу татынакай планетанын ага жагып калганынын дагы бир купуя себеби: анда күндүн батканын суткасына бир миң төрт жүз кырк мертебе көрүүгө мүмкүн эле. Бирок ханзада бу себепти калп эле капарына албамыш болду.

# XV

Алтынчы планета бешинчи планетадан он эсе чоң эле. Анда калың-калың китептер жазган чал жашайт экен. Ал Кичинекей ханзаданы көрөр замат кубанып кетти:

— Мына, мына! Саякатчы да келип калды!

Кичинекей ханзада дем алайын деп столго отурду. Ал узак жол баспадыбы!

— Жол болсун? – дедн чал ага.

— Бу эмне деген калың китеп? – деди Кичинекей ханзада. –Биерде эмне кылып отурасыз?

— Географмын, –деди чал.

— Географ деген эмне?

— Географ деген деңиздер, дарыялар, шаарлар, тоолор, чөлдөр кайда турганын билүүчү окумуштуу.

— Кызык экен! – деди Кичинекей ханзада. –Чыныгы жумуш деи ушуну айт!

Анан ал географтын планетасына көз чаптырды.

Мындай шаңкайган сөөлөттүү планетаны ал эч качан көргөн эмес.

— Сиздин планетаңыз кооз экен, –деди ал. –Мында океан барбы?

— Аны билбейт экемин, –деди географ.

— О-о, –деди Кичинекей ханзада иренжий түшкөндөй үнүн созуп. –А тоолор барбы?

— Билбейм, –деп кайталады географ.

— Шаарлар, дарыялар, чөлдөрчү?

— Аны да билбейм.

— Сиз географ эмессизби!

— Кеп ошондо, – деди чал. – Мен географмын, саякатчы эмесмин. Саякатчыларымын жоктугунан кыйналып жүрөм. Шаарлардын, дарыялардын, тоолордун, деңиздердин, океандардын, чөлдөрдүн эсебин географтар



албайт. Географ – өтө иши көп адам, анын сейилдешке чолосу жок. Ал кабинетинен чыкпайт. Бирок ал саякатчыларды кабыл алат, алардын айтып бергендерин жазат. Эгер алардын бирөө кандайдыр бир кызык нерсени айтып берсе, географ сурамжылап, сүрүштүрүп отуруп, ал саякатчы ишенчиликтүү кишиби – ошону текшерет.

— Эмне үчүн?

— Эгер саякатчы калп айтып койсо, география китебинде баары чаташып кетет. Эгер саякатчынын ичип коймою болсо. андан бетер жаман.

— Эмне үчүн?

— Себеби, мастын көзүнө бардык нерсе кош көрүнөт. Мас саякатчынын куру сөзүнө ишенген географ бир тоонун ордуна эки тоо жазып коёт.

— Мен бир адамды көргөмүн... Андан начар саякатчы чыкмак экен, –деп койду Кичинекей ханзада.

— Толук мүмкүн. Ошентип, эгер саякатчы ишенчиликтүү киши болуп чыкса, анан анын ачканын текшеришет.

— Кантип текшеришет? Барып карап келишеби?

— Жок, кокуй. Антиш өтө кыйын да. Жөн гана саякатчыдан далилдерди талап кылышат. Мисалы, эгер ал бир чоң тоону ачтыбы, анда ошо тоодон чоң-чоң таштар алып келсин.

Географ капыстан шашкалактап калды:

— Сен өзүң да саякатчы эмессиңби? Алыстан келбедиңби? Өз планетаңын жайын айтып берчи.

Анан географ калың китебин ачып, калемин учтады. Саякатчылардын айткандары адегенде калем менен жазылат. Саякатчы далилдерди алып келгенде гана анын айтканын сыя менен жазышка уруксат экен.

— Кулагым сенде, –деди географ.

— Менин планетамда кызык эчтеме деле жок, –Кичинекей ханзада бош айтты. –Анда баары кипкичине. Үч вулкан бар. Экөө күйүп турат, бирөө өчүп калган. Бирок, кырсыкты кайдан деп болбойт.

— Айтканың ырас, –деп кубаттады географ.

— Анан бир гүлүм бар.

— Биз гүлдөрдү белгилебейбиз, –деди географ.

— Эмнеге? Ал ажайып сулуу да!

— Себеби, гүлдөр опосуз.

— Опосуз деген эмне?

География боюнча китептер – дүйнөдөгү ашкан баалуу китептер, –деп түшүндүрдү географ, –Алар эч качан эскирбейт. Тоонун ордунан козголуп кетиши сейрек болчу окуя го. Океандын какшып калышы да ошондой. Биз түбөлүк өзгөрбөгөн нерселер жөнүндө гана жазабыз.

— Бирок өчкөн вулкандын кайра ойгонушу мүмкүн да, –деп сөздү иле койду Кичинекей ханзада. –«Опосуз» деген эмне?

— Вулкан өчтүбү же жандыбы – анын биз үчүн, географтар үчүн анча мааниси жок, –деди географ. –Маанилүү нерсе: тоо. Ал өзгөрбөйт.

— «Опосуз» деген эмне? – деп сурады Кичинекей ханзада. Ал суроо берсе, жооп алмайын такый берчү.

— Бат жок болчу нерсе опосуз деп аталат.

— Менин гүлүм да бат эле жок болуп калабы?

— Албетте.

«Менин кубанчым, шаң – көркүмүн өмүрү кыска экен да, – деди Кичинекей ханзада өзүнө, –анын дүйнөдөн сактана турган эчтемеси жок, төрт эле тикенеги бар. Мен аны таштап кеттим, ал планетамда жападан-жалгыз калды!»

Өзү таштап кеткен гүлгө анын ичи биринчи жолу ачышты. Бирок ошо замат ага кайрат кайрылып келди.

— Мен кайда жөнөйүн, кандай кеңеш бересиз? – деп сурады ал географтан.

— Жер планетасына бар, –деди географ, –анын кадырбаркы жаман эмес.

Кичинекей ханзада жолго чыкты, бирок анын ою өзү таштап кеткен гүлдө болду.

# XVI

Ошентип, ал кайрылган жетинчи планета Жер эле.

Жер жөн планета эмес! Анда жүз он бир король (буга, албетте, негрлердики да кошулат), жети миң географ, тогуз жүз миң иш билги камбыл адам, жети жарым миң аракеч, үч жүз он бир миң атак сүйөр куу чирен баары биригип эки миллиардга жакын чоң кишилер бар.

Жердин чоңдугу силерге ачык болсун үчүн мындай бир мисал келтирейин: электр жарыгы табыла электе алты

континент фонарчылардын зор армиясын – төрт жүз алтымыш эки миң беш жүз он бир адамды кармап турчу экен.

Эгер сырттан караганда, бул ажайып шаңдуу көрүнүш болгон. Бул армиянын кыймыл-аракеттери куду балеттегидей эң так ритмге багынып турчу. Биринчи болуп Жаңы Зеландия менен Австралиянын фонарчылары чыгар эле. Алар чырактарын жандырып коюп, уктаганы кеткенде кезек Кытайдын фонарчыларына тийчү. Бийди аткарып коюп, алар да көшөгөнүн артына жашынар эле.



Анан кезек Россия менен Индиянын фонарчылары-на келе турган. Анан Африка менен Европада фонарлар жапырт жанчу. Анан Түштүк Америкада. Андан кийин Түндүк Америкада. Алар эч качан жаңылчу эмес, эч ким сценага беймаал чыкчу эмес. Чынын айтыш керек, бу ажайып сонун көрүнүш болгон.

Бир гана түндүк уюл менен түштүк уюлда жалгыздан фонар жакчу эки фонарчы беймарал, кыйналбай жашачу: алар ал жумушту жылына эки сапар гана аткарыша турган.

# XVII

Аябай куудулдангың келгенде кээде эрксизден апыртып коёсуң. Фонарчыларды айтып жатып, мен бир аз чындык-тан тайып кеттим. Биздин планетаны жакшы билбеген киши а жөнүндө тескери түшүнүк алып калабы деп чочу-лайм. Адамдар Жерде аз эле орунду ээлеп турушат. Эгер-де эки миллпард адам жыйылып келип, жыйындагыдай бир жерге быкылдап чогулса, баары биригип узун-туура-сы жыйырма милден ашпаган мейкинге опоңой сыят. Бүт адамзатты Тынч океандын бир кипкичинекей аралына ты-гып салса болот.

Чоң кишилер, албетте, буга ишене бербейт. Алар кыя-лында көп жер ээлеп турабыз дешет. Өздөрүн баобабдай опсуз чоң сезишет. Силер аларга айткыла: так эсептеп көрүшсүн. Ошентсеңер, алар жыргай түшөт, анткени циф-ра дегенде жантыгынан жата калышат эмеспи. Силер ан-дай арифметикага убактыңарды кетирбегиле. Анын пайда-сы деле жок. Силер ансыз деле мага ишенесиңер.

Ошентип, Жерге келерин келип алып, Кичинекей хан-зада кыбыр эткен жанды көрө албай айраң болду. Ал жаңылып башка бир планетага түшуп калдымбы деп да

ойлоп кетти. Бирок жанындагы кумдан өңү ай шооласындай бир шакекче кылаң этти.

— Кечиң кут болсун, –деп салам айтып койду Кичинекей ханзада.

— Болсун, –деп алик алды жылан.

— Кайсы планетага туш келип калдым?

— Жерге, –деди жылан, –Африкага.

— Ошондойбу. Эмне, Жерде адамдар жокпу?

— Бу чөл. Чөлдө эч ким жашабайт. Бирок Жер өзү абдан чоң.

Кичинекей ханзада ташка көчүк басып, асманга көз жиберди.

— Жылдыздар эмне үчүн жылт-жылт этерин билсем го, – деди ал кыялданып. – Балким, алар эртедир-кечтир ар ким өз жылдызын таап алсын деп жарык чачып тургандыр. Карачы, менин планетам! Так үстүбүздө баратат... Бирок ал аябай алыс, алыс!

— Кооз планета экен, –деди жылан, –Сен мында, Жерде эмне кылганы жүрөсүң?

Кичинекей ханзада чынын айтты:

— Мен гүлүм менен араздашып калдым.

— А, ошондой де...

Экөө тең тим боло калды.

— Кишилер кайда деги? – Кичинекей ханзада кайра сөз баштады. –Канткен менен чөлдө жалгызсырайт экенсиң...

— Элдин ичинде деле жалгызсырайсың, –деди жылан.

Кичинекей ханзада ага тигиле тиктеп койду.

— Абдан кызык макулук экенсиң, –деди ал. –Бармактан жоон эмессиң го...

— Бирок менде королдун бармагынан көбүрөөк кудурет бар, –деп каршыкты жылан.

Кичинекей ханзада жымыйып койду. –Койчу, сен ушун-



ча эле кудуреттүүсүңбү? Бутуң да жок экен. Сен саякаттай албайсың го...

— Мен сени ар кандай корабль жеткире албас жерге жеткире алам, –деди жылан.

Анан ал Кичинекей ханзаданын кызыл ашыгына алтын билерик сыңары оролуп алды.

— Мен тийип эле койсом, ким болсо да чыккан жерине кайра кирет, –деди ал, –Бирок сен жылдыздан келдиң, аруусуң...

Кичинекей ханзада жооп бербеди.

— Сага боорум ооруйт, –деди жылан сөзүн улап. –Сен бу таштай катуу Жерде мажестик кыласың. Планетаңды таштап кеткениңе арман кылып өкүнгөн күнү мен сага жардам бере алам. Мен сени...

— Түшүндүм, жакшы түшүндүм, –деди Кичинекей ханзада. –Бирок сен эмне эле табышмактатып сүйлөйсүң, ия?

— Мен табышмактардын баарын табам, –деди жылан.

Анан экөө тең унчукпай калды.

## XVIII

Кичинекей ханзада эрме чөлдү аралап өтүп, эч кимди учурата албады. Жолунан бар болгону бир гул чыкты, үч желекчеси бар сербейген көрксүз бир гүл...


— Салам, –деди Кичинекей ханзада.

— Салам, –деп гүл алик алды.

— Адамдар кайда, ия? – деп сурады Кичинекей ханзада сыпаалык менен.

Гүл бир жолу жанынан өтүп бараткан кербендерди көрүп калган эле.

— Адамдар дейсиңби? Ах, ырас эле... Алар баары биригип бешөө же алтоо болсо керек. Көрбөгөнүмө көп жыл



болду. Ал эми аларды кайдан издеп, кайдан табарды эч ким билбейт.

Адамдарды шамал айдап жүрөт. Алардын тамыры жок, ошонусу өтө жаман.

— Жакшы кал, –деди Кичинекей ханзада.

— Жакшы бар, –деди гүл.

# XIX

Кичинекей ханзада бийик тоонун чокусуна чыкты. Ал мурда бою тизесинен келген үч вулканынан башка тоо аттууну көрүп-баккан эмес. Ал өчкөн вулканын отургуч кылып алуучу эле. Эми ал: «Бул бийик тоодон бүт планетаны, адамдардын баарын текши көрөм го» – деп ойлоду. Бирок ал ийнедей нчке шуштуйган аскаларды гана көрдү.

Ал жөн эле ой келди салам айтты:

— Салам!

— Салам... Салам... Салам... –деп туурады жаңырык.

— Силер кимсиңер? – деди ал.

— Силер кимсиңер... кимсиңер... –деп туурады жаңырык.

— Дос бололу, мен жалгызмын, –деди ал.

— Жалгызмын... Жалгызмын... жалгызмын... –деп туурады жаңырык.

«Кандай кызык планета» – деди Кичинекей ханзада оюнда. – Үстү какыраган каксоо, ийнедей шуштугуй, шор экен, Адамдарынын акыл-эси деле ченелүү окшойт. Алар эмнени айтсаң кайра ошону айтат... Үйүмдө гүлүм бар эле, ал менин санжыргам, кубанчым эле, ал суратпай өзү сөз баштоочу эле...

## XX

Кичинекей ханзада чөлдөн өтүп, аскаларды ашып, кар малтап жүрүп отурду да, акыры жолго чыкты. Ал эми жолдун баары адамдарга алып барат.

— Салам, –деп айтты ал.

Анын бет алдында розалар жыш өскөн бак турду.

— Салам, –деп алик алды розалар.

Кичинекей ханзада розалардын баары баягы өзүнүн гүлүнө окшош экенин көрдү.

— Кимсиңер? – деди ал аң-таң калып.

— Розабыз, –дешти розалар.


Кичинекей ханзада араң эле унчукту:

— Ошондой дечи...

Ал өзүн аябай бечара сезди: «Ааламда дегеле мендей гүл жок» –дечү сулуусу. Эми ал бир эле бактан андай гүлдүн беш миңин көрүп турду!

«Муну көрүп калса, ал кандай гана ызаланар эле, –деп





ойлоду Кичинекей ханзада. –Ал каракүчкө күрсө-күрс жөтөлүп, күлкүгө калбас үчүн гана мүрт үзүлүп бараткандай пеш кылар эле. А мен болсом аны карайм деп кеселман баккандай абыгер чекмекмин, антпесем ал мени дагы өзүнүкүндөй абалга калтырам деп чыны менен эле өлүп калышы мүмкүн болчу...»

Анан ал минтип ойлоду: «Мен бу дүйнөдө жалгыз бир гүлгө ээмин, андай гүл эч жерде өспөйт, эч кимде жок деп керсейип жүрүпмүн, а көрсө, аным карапайым эле роза экен. Карманганым бир жөнөкөй гүл, бою тиземен келген үч вулкан болсо, анысы аз келгенсип вулкандарымын бирөө биротоло өчүп калса... анан мен эмнеме ханзадамын деги...»

Ал чөпкө жата калып ыйлап жиберди.

# XXI

Так ошондо Түлкү пайда болду.

–Салоомалейкум, –деди ал.

Кичинекей ханзада илберинки алик алып, эки жагын карады эле, эч ким көрүнгөн жок.

— Мындамын, –деди дабыш, –Алманын түбүндөмүн...

— Сен кимсиң? – деди Кичинекей ханзада. –Укмуш сулуу экенсиң го!Түлкүмүн, –деди Түлкү.

— Мени менен ойносоң, –деп суранды Кичинекей ханзада. –Мен капаланып турам...

— Ойной албайм, –деди Түлкү. –Мен али байыр боло элекмин.

— Ах, кечирип кой, –деди Кичинекей ханзада.

Анан саал ойлонуп турду да:

— «Байыр» деген змне? – деп сурады.

— Чоочун жерлик көрүнөсүң, –деди Түлкү, –Биерден издегениң эмне?

— Издегеним адамдар, –деди Кичннекей ханзада. –«Байыр» деген эмне?



— Адамдардын мылтыгы бар, алар аң уулашат. Мунусу өтө жаман! Бирок алар тоок да багышат. Мунусу абдан жакшы! Сен тоок издеп жүрөсүң го?

— Жок, –деди Кичинекей ханзада. –Дос издеп жүрөм. Айтсаң, «байыр» деген эмне, ыя?

— Бу эчак унутулуп калган түшүнүк, –деди Түлкү. –Ал «Жүрөккө жүрөктү байландыруу» дегенге барабар.

— Байландыруу дедиңби?

— Ооба, –деди Түлкү, –Азырынча сен мага түмөн-түмөн балдардан эч айырмаң жок кичинекей бир баласың. Мага керегиң жок. Менин да сага керегим жок. Мен да сага түмөн-түмөн түлкүлөргө окшогон бир түлкү элемин. Эгер сен мени байыр кылып алсаң, экөөбүз бири-бирибизге керек болуп калабыз. Сен мен үчүн бу дүйнөдө жалгыз болосуң. Мен да сен үчүн дүйнөдө жападан жалгыз болом...





— Мен аңдай баштадым, –деди Кичинекей ханзада, – Бир роза бар эле... Сыягы, ал мени байыр кылып алган го...

— Ошентсе ошенткендир, – деп макулдады Түлкү, –Жер үстүндө эмнелер болбойт.

— Ал Жер үстүндө болгон эмес, –деди Кичинекей ханзада. Түлкү аябай таң калды.

— Башка планетадабы?

— Ии.

— Ал планетада мергенчилер барбы?

— Жок.

— Сонун экен. Тооктор барбы?

— Жок.

Түлкү күрсүнүп койду:

— Телегейи текши дүйнө жок экен го!..

Ал кайра баягы сөзүнө ооду:

— Көргөн күнүм куруп калсын. Мен тоокторду тооруйм, адамдар мени тооруйт. Тооктор бири-биринен айырмаланбайт, адамдар да баары окшош келет. Эмнесин айтасың эптеп күн көрүп жүрөм. Эгерде сен мени байыр кылып алсаң, менин өмүрүм күн тийгендей жаркырай түшөр эле. Дүңгүрөгөн дүбүрттөрдүн арасынан сенин басканыңды дароо айрып тааныр элем. Адамдардын баскан дабышын эшитер замат мен жылт берип, жашынып калам. Бирок сенин басканың мага музыкадай мукам угулат, анан мен чакыртпай ийинимен чыга келер элем. Баса, карап бакчы! Тиги талаадагы кыярып бышкан буудайды көрдүңбү? Мен аштык жебейм. Мага буудайдын кереги жок. Эгин мени кызыктырбайт. Бирок сенин чачтарың алтындай сапсары экен. Мени байыр кылып алсаң кандай сонун болор эле. Алтын буудай көрсөм дайыма сени эсиме салар эле. Буудайдын шамалга шуудураганын жаным жыргап тыңшаар элем...

Түлкү жаагын басты да, Кичинекей ханзадага телмире тиктеп турду.

— Мени байыр кылып алчы! – деп ийди ал бир оокумда.

— Ошентсе, ошентер элем, –деди Кичинекей ханзада, – бирок убактым тар. Көп-көп дос табышым керек, дагы көптү билишим керек.

— Эмнени байыр кылсаң, ошону гана чындап биле аласың, –деди Түлкү. –Бирдеме билгенге эми адамдардын чолосу тийбей калды. Алар буюмдарды магазинден даяр бойдон сатып алат. Бирок, дос саткан магазин жок да, ошон үчүн эми адамдардын досу болбойт. Досум болсун десең, мени байыр кылып ал!

— Ан үчүн эмне кылам? – деди Кичинекей ханзада.



— Сабыр кыл, –деди Түлкү. –Сен алгач тиги чөпкө моминтип отур, тигиндей алысыраак отур. Мен сага көз кыйыгым менен астыртан карай берем, сен түк ооз ача көрбө. Сөз мамилени бузат. Анан сен күн сайын кичинеден берилеп жылып отура башта...

Эртеси Кичинекей ханзада баягы жерге дагы келди.

Дайыма белгилүү бир саатта келчи, –деп суранды Түлкү, –Сен, мисалы, туура саат төрттө келчү болсоң, мен саат үчтөн баштап жыргай берем. Болжогон саат жакындаган сайын бактым артат. Саат төрттө делебем козголуп, тынчым кетет. Мен бакыттын даамын моокум канганча татам! Эгер сен эрте-кеч келе берсең, мен жүрөгүмдү кайсы саатка күүлөп турарымды билбей калам... Кааданы кармаш керек.

— Каадаң эмне? – деди Кичинекей ханзада.

— А да эчак эстен чыккан нерсе, –деп түшүндүрдү Түлкү. – Кээде кандайдыр бир саат башка сааттарга окшобой калат. Мунун баары ошо кааданын шарапатынан. Мисалга алсак, менин аңчыларымда мындай каада бар: алар ар бир бейшембиде кыштактын кыздары менен бий-

лешет. Айта көрбө, бейшемби бир укмуш күн да! А күнү мен сейилге чыгам, жүзүмзарга чейин коркпой барам. Эгер мергенчилер оюна келген күнү бийлей беришсе, мен үчүн күндөрдүн баары бирдей болуп, эс алат дегенди түк билмек эмесмин.

Ошеитип Кичинекей ханзада Түлкүнү байыр кылып алды. Аңгыча коштошор маалы да кыйгачтап келди.

— Мен сени сагынып ыйлайм, –деп улутунду Түлкү.

— Айып өзүңдө, –деди Кичинекей ханзада. –Мен сени сыздатып кетейин деген эмес элем, сен өзүң байыр кылып ал деп туруп албадыңбы...

— Анткеним ырас, –деди Түлкү.

— Бирок сен ыйлайт турбайсыңбы!

— Ыйларым ырас.

— Демек, сен жаман алда калат экенсиң го.

— Жок, –деди Түлкү, –алым жаман болбойт. Алтын буудай жөнүндө айтпадым беле, ошону эсиңен чыгарба.

Ал тып басылды. Бир маалда мындай деди:

— Бар, розаларды карап кел. Сен эми өзүңдүн розаң дүйнөдө жалгыз бирөө гана экенин билесиң. Анан коштошкону мага келгенде, бир сыр айтам. Сага берген белегим ошол болот.

Кичинекей ханзада розаларды көргөнү барды.

— Силер менин розама түк окшошпойсуңар, –деди ал гүлдөргө, –Силер эчтемеге арзыбайсыңар. Силерди эч ким байыр кылган жок, силер да эч кимди байыр кыла элексиңер. Менин Түлкүм башта ошондой эле. Түмөн-түмөн түлкүлөрдөн анын эч айырмасы жок болчу. Экөөбүз достошуп алдык эле, эми ал мага мүлдө дүйнөдө жалгыз болуп калды.

Розалар аябай осолдой түштү.

— Силер сулуусуңар, бирок беймаанисиңер, –деп сөзүн

улады Кичинекей ханзада. –Силер үчүн өлгүң келбейт. Ырас, өтүп баратып менин розамды көрсө, кайдыгер жолоочу аны силерден эч артыкчылыгы жок бир гүл экен деп айтышы мүмкүн. Бирок ал мага силердин баарыңардан кымбат. Мен силерге эмес, жалгыз ага суу сепкемин. Силерди эмес, айнек калпакча менен аны жапкамын. Шамал тийбесин деп анын тушуна парда тарткамын. Ошол розам үчүн көпөлөк курттарын кырып, көпөлөк чыксын деп бир-эки гана курт калтырып койгомун. Анын муңканганын да, мактанганын да укчу элем, а түгүл ал унчукпай калганда да мен кулак түрүп турчу элем. Ал роза –менин розам.

Айтаарын айтты да, Кичинекей ханзада кайра Түлкүгө келди.

— Жакшы кал... –деди ал.

— Жакшы бар, –деди Түлкү, –Мына менин сырым, ал жөнөкөй эле сыр: жүрөк гана көрөгөч. Эң түпкү касиетти көз менен көрө албайсың.

Унутуп калбайын деп Кичинекей ханзада кайталап айтты:

— Эң түпкү касиетти көз менен көрө албайсың.

— Розаң сага кымбат, анткени сен ага бүт дилиңди бергенсиң.

Унутуп калбайын деп Кичинекей ханзада кайталап айтты:

— Мен розам үчүн жоопкермин...

## XXII

— Салам, –деди Кичинекей ханзада.

— Салам, –деп алик алды стрелочник.

— Эмне кылып атасың? – деди Кичинекей ханзада.

— Жүргүнчүлөрдү сорттоп атам, –деди стрелочник. –

Бир түшүргөндө эки поездге миң жүргүнчү түшүрөм да, бирин оңго, бирин солго жөнөтүп турам.

Аңгыча жарык терезелерин жалтыратып, калдырт-шалдырт этип, стрелочниктин будкасын титиретип ылдам поезд өтө берди.

— Булар кайда ашыгат? – деди Кичинекей ханзада таңыркanып, –Деги издегендери эмне?

— Аны машинист да билбейт, –деди стрелочник.

Аңгыча отторун жаркыратып, калдырт-шалдырт күү менен дагы бир ылдам поезд башка жакка карай өтө берди.

— Баягылар кайтып калыштыбы? – деди Кичинекей ханзада.

–Жок, булар башкалар, –деди стрелочник. –Бу каршылаш келаткан поезд.

— Алар башта жашап турган жер, эмне, жаман беле?

— Биз жок жердин баары жакшы, –деди стрелочник.

Аңгыча калдырт-шалдырт күү менен жарк-журк этип үчүнчү поезд өтө бөрди.

— Булар баягы биринчи өткөндөрдү кубалап баратабы? – деди Кичинекей ханзада.

— Алардын кубалай турган эчтемеси жок, –деди стрелочник. – Алар вагон – вагондо уктап жатат, же оозун араандай ачып эстенишип бекер отурат. Балдар гана мурундарын айнекке такап, кең дүйнөгө сугалак карайт.

— Эмне издегенин балдар гана билет, –деп айтты Кичинекей ханзада. –Алар чүпүрөк куурчакка бүт жан-дилин бере алат, ошол себептен куурчак аларга жанындай кымбат болуп калат, эгер аны колунан алып койсо, балдар ыйлайт...

— Алардын бактысы ошол, –деди стрелочник.

## XXIII

— Салам, –деди Кичинекей ханзада.

— Салам, – деп алик алды соодагер.

Ал суусун басуучу жакшыртылган пилюлялар сатчу эле. Ошондой пилюлянын бирин жутуп алсаң бир жума суусабайт экенсиң.

— Буларды эмне үчүн сатып атасың? – деди Кичинекей ханзада.

— Булар убактыны көп үнөм кылат, – деди соодагер. – Адистердин эсебине караганда, бир жумада элүү үч мүнөт үнөмдөөгө мүмкүн экен.

— Ал элүү үч мүнөттө эмне кылса болот?

— Эмне кылсаң ошо кыласың да.

«Эгер элүү үч мүнөттүк бош убактым болсо, –деп ойлоду Кичинекей ханзада, –эч токтолбой булакка жөнөр элем...»

## XXIV

Мен өзүм аварияга учураганыман бери бир жума өтүп кетти. Кичинекей ханзада, пилюля саткан соодагердин баянын айтып жатканда, мен калган-каткан сууну шыпкап ичип жаткан элем.

— Ырас, –дедим Кичинекей ханзадага, –айткандарыңдын баары кызык, бирок мен алигиче самолётумду оңдой элекмин, бир тамчы суу да калган жок, эгер эч токтолбой булакка жөнөй алсам, мен деле бактылуу болбос белем.

— Мен достошкон Тулку...

— Садагасы, ушу тапта Түлкүнүн сөзүн уккудай алым жок!

— Эмне үчүн?

— Каным катып өлөт көрүнөм, мына ошон үчүн...



Суусоо менен өлүмдүн кандай байланышы бар экенин ал түшүнө бербеди. Макул болгон жок:

— Өлө турган болсоң да досуңдун болгону жакшы. Мен Түлкү менен достошконума аябай кубанып жүрөм...

«Ал кандай кырсык күтүп турганын түшүнбөй жатат. Өзү ачкалык менен чаңкоо дегенди башынан эч өткөрүп көргөн эмес. Ага күн шооласы болсо эле жетет...»

Мен муну жарыя айтпастан, купуя ойлодум. Бирок Кичинекей ханзада мага жалт карай салды да:

— Мен да суусап турам... Жүр, кудук издейбиз, – деп жиберди.

Кыйырсыз чөлдөн тобокелге салып кудук издегенден не пайда дегенчелик кылып колдорумду эки жакка кайдыгер кере жайдым. Бирок баары бир жолго чыктык.

Көпкө дейре сөз катышпай жүрүп отурдук; бир оокумда караңгы түшүп, асманга жылдыздар чыга баштады. Суусаганыман башым каңгырап, бир аз калч-калч этип, жылдыздарды түшүмдө көргөнсүп бараттым. Кичинекей ханзаданын алиги сөзү улам эсиме түшө берип, акыры сурадым:

— Демек, сен да суусайт экенсиң го?

Бирок ал жооп кайтарбады. Ал кайдыгер гана мындай деди:

— Суу жүрөккө да керек...

Мен түшүнө албай калсам да, унчукканым жок. Такып сураган менен андан сөз чыкпасын билчү элем.

Ал чарчады. Кумга отура кетти. Мен жанына көчүк бастым. Үн катканыбыз жок. Бир кезде ал мындай деди:

— Жылдыздар укмуш кооз, анткени алардын бир көмүскө жеринде гүл өсөт, дал ошо гүл жылдыздарга көрк берип турат...

Ай нуруна бөлөнгөн толкун-толкун кум айдыңын карап турган элем:

— Айтканың ырас, – деп тим болдум.

— Чөл дагы кооз... – деди Кичинекей ханзада.

Чын айтат. Чөл мага дайыма жага турган. Кум дөбөчөдө отурасың. Эчтеме көзгө урунбайт. Эчтеме кулакка чалынбайт. Бирок жымжырттан бирдеме шоолаланып турат...

— Билесиңби, чөлдү жакшы кылган эмне? – деди ал. – Анын бир жеринде булактар жашырынып жатат...

Мен аң-таң калдым, кумдардан жыбылжып чыгып турган сырдуу шооланын эмне экени дароо баамыма жетти. Баягы бала чагымда мен бир чалдыбары чыккан эски тамда жашаган элем. Ошол тамда катылган кенч бар деп айтчу калайык. Албетте, аны эч ким таба алган жок, а балким аны дегеле эч ким издеген эместир. Бирок кенч бар дегенден ал там сыйкырланып калгандай туюлар эле, неге десең ал өз жүрөгүндө жашырын сырды тымпыйып катып тура турган...

— Чын, – дедим мен. – Үйбү, жылдызбы, чөлбү – деги баарынын эң татынакай касиети көмүскөдө калып көзгө көрүнбөйт.

— Түлкү досумдун айтканын айтып атканыңа кубанып турам, – деди Кичинекей ханзада.

Анан ал уктап калды, мен аны колума көтөрүп алып жолду улай бердим. Мен өрөпкүп алган элем. Үлбүрөгөн назик бир асыл буюмду көтөрүп бараткансыдым. Биздин жерде морттугу жагынан мындан назик эчтеме жок сыяктанды. Айдын жарыгында купкуу маңдайына, жупташкан кирпиктерине, желге желбиреген алтын көкүлүнө карап баратып, мен өзүмө: мунун баары тышкы гана кабыгы деп айттым. Тереңдеги касиети көзгө көрүнбөйт...

Ал түрпүлөндү эле болор-бөлбос ачылган эриндери дилдирей түштү ошондо мен өзүмө кайра мындай дедим: бу уйкудагы Кичинекей ханзада гүлүн эч качан чанбайт, жүрөгүндө гүлдүн элеси куду шамчырактын жалынындай жанып турат, уктап жатса да жанып турат мунун ич элжиретип, мээрим туудурган касиети дал ушунда... Ошондо мен түшүндүм: ал көзгө көрүнүп турганда да назик экен. Шамчырактарды абайлаш керек – шамалдын эпкини өчүрүп кетиши мүмкүн...

Ошентип бара берип, таң кылайганда кудукка жеттим.

## XXV

— Адамдар ылдам поезддерге минип жүрүшөт, бирок эмне издеп жүрүшкөнүн азыр өздөрү да билишпей калыптыр, – деди Кичинекей ханзада. – Ошон үчүн алардын жаны жай албайт, аягы сай таппайт...

Анан ал мындай деп кошумчалады:

— Бекер эле дарбышат алар...

Биз дуушар келген кудук Сахарадагы кудуктардан башкача экен. Демейде аердин кудугу аңгектин эле өзү болот. А биз тапкан кадыресе эле кыштактын кудугу экен. Бирок жакын арада дегеле кыштак аттуу жок болучу, ошол себептен бул түшүм го деп ой жорудум.



— Таӊ калып турам, – дедим Кичинекей ханзадага, – биерде бүт баары даяр экен – чыгырыгы да, чакасы да, арканы да...

Ал күлүп жиберди, арканды кармалап көрдү, чыгырыкты бошото баштады. Чыгырык куду шамалсыз буйткада көп жатып дат баскан эски флюгер сыӊары кычырап коё берди.

— Уктуӊбу? – деди Кичинекей ханзада. – Биз кудукту ойготтук эле, ал ырдап кирди...

Эми ал чарчап калат экен деп чочулап турдум.

— Сууну өзүм тартып чыгарам, – дедим ага, – сенин күчүӊ жетпейт.

Мен мелт-калт чаканы абайлап акырын тартып чыгардым да, кудуктун таш кыргагына оодарылбас кылып коюп койдум. Кулагыма чыгырыктын кыйчылдаган обону дале жаӊырып, чакадагы суу дале басылбай чайпалып, суу бетинде болсо күн нуру чагылышып ойноп турду.

— Ушу суудан жуткум келип атат, – деди Кичинекей ханзада, – Берчи ичейин...

Анын эмне издеп жүргөнүн мен ошондо аӊдадым!

Чаканы анын оозуна апардым. Ал көзүн жуумп алып ичип жатты. Бу мүнөттөр бир шаанилүү тойдой бек абзел эле. Суу да жөн суу эмес эле. Ал суу жылдыздар алдынан узак-узак жол жүрүп, анан чыгырыктын кыйчылдашынан жана менин колдорумдун кыймыл-аракетинен пайда болгон. Ал жүрөккө арналган белектей ыйык эле. Кичине чагымда мага рождество майрамындагы белек-бечкектер так ушундай жаркырап көрүнөр эле: ёлкада шамдар балбылдап турар эле, жарым түндөгү месса убагында жыбылжып орган күүсү чалынар эле, мээримдүү жылмаюулар жадырап-жайнаар эле.

— Сенин планетаӊда, – деди Кичинекей ханзада, – адам-

дар бир эле бактын ичине беш миң роза өстүрөт экен да... арзып издегенин эч таппайт экен...

— Таппайт, – деп мен ырастап койдум.

— Ал эми алардын издеп жүргөнүн жалгыз бир розадан, бир ууртам суудан табуугa мүмкүн да...

— Албетте, мүмкүн, – деп мен ырастап койдум.

Кичинекей ханзада кайра мындай деди:

— Бирок көз сокур. Жүрөк менен издеш керек.

Мен суу ичтим. Сергий түштүм. Таң атарда кум бал сыңары алтын түстөнүп калды. Ошого да жетине албай кубанып турдум. Баса, капаланышка кандай жөнүм бар эле?..

Кичинекей ханзада жаныма кайра отуруп жатып:

— Убадага туруш керек, – деп койду акырын.

— Кайсы убада?

— Унутуп калдыңбы, баягыда менин козума ширге берем дебедиң беле... Билесиң, алиги гүлгө жоопту эмесминби.

Чөнтөгүмөн тарткан сүрөттөрүмдү алып чыктым, Кичинекей ханзада аларды карап жатып күлүп жиберди:

— Баобабдарың капустага эле окшоп калыптыр...

А мен баобабдарыма дагы мактанып жүрүпмүн!

— Түлкүңдүн кулактары... мүйүздөн айрылбайт го! Узундугун кара!

Ал дагы күлүп жиберди.

— Сен калыстык кылбай атасың, досум. Баягы ичи менен тышынан тарткан удавды эле айтпасаң, мен эч качан сүрөт тартып көргөн эмесмин.

— Эчтеме эмес, – деди ал көңүлүмдү улап. – Балдар ушунуңан деле түшүнүп алат.

Анан мен козуга ширге тартып бердим. Сүрөттү Кичинекей ханзадага берерин берип алып, кайра жүрөгүм шуу дей түштү.

— Сен бирдемени оюңа түйүп коюп, бирок мага айтпай жүрөсүң...

Ал жооп кайтарбады.

Билесиңби, – деди ал, – эртең силердин Жерге келип түшкөнүмө туура бир жыл толот...

Дагы тып басылды. Анан мындай деди:

— Мен кулап түшкөн жер ушу тегеректе эле...

Айтарын айтып алып кызарып кетти.

Менин көңүлүм эмне үчүндүр кайрадан түнөрүп, чөгөттөп калды. Ошентсе да ага суроо бердим:

— Демек, бир жума мурун бая экөөбүз таанышкан таңда сен бу адам турагынан миңдеген миль алыс жерде бекеринен жалгыз каңгып жүрбөпсүң го? Сен өзүң кулап түшкөн жерге кайрылып келаттың беле?

Кичинекей ханзада ого бетер кызарды.

Мен даап-даабай дагы минтип айттым:

— Балким, бир жыл толгондон улам кайрылып келатсаң керек?

Ал дагы кызарып кетти. Менин суроолорумдун бирөөнө да жооп берген жок, бирок кызарганың демейде макул болгонуң эмеспи.

— Коркуп атам, – деп мен улутуна сөз баштаганда, ал сөздүн алдын торой койду:

— Ишке киришер маалың болуп калды. Машинаңа бар. Мен сени ушул жерден күтөм. Эртең кечкурун кел...

Бирок менин санаам тынчыбай койду. Баягы Түлкү эсиме түштү. Өзүңү бирөө байыр кылып алса, кийин ыйлап да каласың.

# XXVI


Кудуктан нарагыракта байыркы таш коргондун урандылары бар экен. Эртеси кечинде жумушумду бүтөр замат баягы жерге жетип келдим да, алыстан эле коргондун кырында бутун салаңдатып отурган Кичинекей ханзаданы көрдүм. Көрө замат табышын да эшиттим.

— Унутуп калдыңбы, – деди ал. – Жок, дегеле биерде болгон эмес.

Ага кимдир бирөө жооп берди көрүнөт, анткени ал:

— Ооба, туура бир жыл мурда болгон куду ушу күнү, бирок башка жерде... –деди.

Мен кере-кере адымдадым. Бирок коргондун жака-белинен эч кимди көрө да, уга да алганым жок. Аңгыча болбой Кичинекей ханзада бирөөгө дагы жооп кайтарды:



— Албетте, ошондой. Сен изимди кумдан табасың. Тапкан соң күтө тур. Бүгүн түнү аерге барам.

Коргонго жыйырма эле метрче калса да, эчтеме көзүмө чалынбады.

Бир азга үн-сөз угулбай калгандан соң:

— Ууң күчтүүбү? Мени кыйнабайсыңбы? –деди Кичинекей ханзада.

Мен тык токтой калдым, жүрөгүм шуу дей түштү, бирок дале эчтеме түшүнө албай турдум.

— Бар, бара бер эми, – деди Кичинекей ханзада. – Мен секирип түшөйүн.

Ошондо төмөн жакка карай салып, селт чочуп ойт берип кеткенимчи! Коргондун түбүндө Кичинекей ханзадага башын соймондото созуп бир саргыч жылан токочтонуп жатыптыр. Андай жыландардын уусу ар кандай жанды аш-пыш дегиче күмжам кылат!

Чөнтөгүмдөгү револьверди сыйпалап издеген бойдон жыланга тап бердим, бирок ал шыбыртымды угар замат сиңип бараткан суу сыңары акырын кумга сойлоп кирди да, билинер-билинбес шытыраган шоокум чыгарып беймарал гана таштардын арасына житип кетти.

Кичинекей ханзаданы түшүрүп алайын деп коргонго дароо жетип келдим. Анын өңү самандан да сапсары экен.

— Кайдагы жаман жорону баштап алдың, бала! – деп мен кыйкырып ийдим, – Жыландар менен сүйлөшкөнүңө жол болсун?

Мен анын мойнунан түшүрбөгөн алтын шарфын чечтим. Маңдайын суулап, суу ичирдим. Бирок башка суроолор бергенге батына албадым. Ал мага олуттуу карап койду да, мойнуман кучактады. Анын жүрөгү куду ок тийген чымчыктыкындай дүкүлдөп кагып жатканы мага угулуп турду.

— Машинаңдын кырсыктаган жерин тапканың ырас болуптур, – деди ал. – Эми үйүңө кайта аласың.

— Сен аны кайдан билесиң?!

Дегеле оңолчудай түрү жок самолётумду бүгүн кокустан оңдоп алып, азыр ага ошону сүйүнчүлөйүн деп жаткан элем!

Ал жооп айтпай, жөн гана: – Мен да бүгүн кайтам, – деди да, анан муңайган түр менен мындай деп кошумчалады:

— Менин жолум сеникинен көп-көп узак да... кыйын да...

Баарына акылым жете бербей жатты. Мен аны кичинекей бөбөктөй бек кучактап турдум, бирок ал колуман жылмышып бараткансыды, түпкүргө түшүп бараткансыды, аны кармап калганга кудуретим калбай бараткансыды...

Ал кайдадыр алыска тунжурап карап турду.

— Менде сенин козуң калат. Козуга берген ящигиң калат. Ширгең да калат...

Ал муңайым күлүмсүрөп койду.

Мен көпкө күттүм. Ал эс-учун жыйып келаткандай болду.

— Эсиң чыгып, коркуп калыпсың, бала...

Эс чыкпай турган окуябы анан! Бирок ал аста-секин күлүп койду:

— Бүгүн түнү мага мындан да коркунучтуу болот...

Жүрөгүм дагы бир балакет башталарын сезип, бүткөн боюм муздай түштү. Атаганат, анын күлкүсүн мен эми укпай каламбы? А күлкү мага чөлдөгү булак мисал кымбат эле го.

— Бала, сенин күлкүңдү дагы бир уккум келип атат...

Бирок ал:

— Бүгүн түнү бир жыл болот. Менин жылдызым бир

жыл мурда мен түшкөн жердин так үстүнө тушма-туш келет... – деди.

— Бери карачы, бала, алиги жыланың да, жылдыз менен жолугарың да тек гана жаман түш го. Чын айтып атамбы?

Ал жооп кайтарган жок.

— Эң түпкү касиет көзгө көрүнбөйт... – деди ал.

— Айтканың ырас дечи...

— Бу гүлгө окшош. Эгер алыскы бир жылдызда өскөн гүлдү сүйсөң, алтүндө асман караган сонун. Жылдыздардын баары жадырай түшөт.

— Айтканың ырас дечи...

— Бу сууга окшош. Сен суу бергениңде, а суу мага музыкадай туюлуп кеткен, ошенткени чыгырык менен аркандын шарапатынан болсо керек... Эсиңде бардыр, ал суу абдан жакшы суу эмес беле.

— Айтканың ырас дечи...

— Түндөсү сен жылдыздарга карап-багасың. Менин жылдызым өтө эле кичинекей, аны сага көрсөтө албайм. Бир жагынан ошонусу да жакшы. Ал сен үчүн топ жылдыздын бирөө гана болот. Анан сен жылдыздарга караганды жакшы көрүп каласың. Жылдыздардын баарын дос кылып аласың. Анан сага мен бирдеме белек кылам...

Ушундай деди да, күлүп жиберди.

— Ах, бала, бала, мен сенин күлгөнүңө аябай кумармын да!

— Мен дал ошо күлкүмү белек кылам... Ал суудай эле болот...

— Суудайың кандай?

— Ар кимдин өз жылдыздары бар. Саякаттап жүргөндөргө алар багыт көрсөтөт. Кээ бирөөлөргө жылдыз бүл-бүл жанган оттордон айырмасыз. Илимпоздорго

алар чыгарууну талап кылган эсеп-маселе. Баягы камбыл кишиме алар алтын көрүнөт. Бирок а кишилердин баары үчүн жылдыздар тилсиз. Ал эми сеники башкача жылдыздар болот.

— Башкачаң кандай?

— Түн киргенде көккө көз чаптырсаң анан жылдыздардын күлгөнүн угасың, анткени асманда мен жашап, мен күлүп турган жылдыз бар эмеспи. Сенин жылдыздарың күлө ала турган жылдыздар болот!

Ушундай деди да, өзү күлүп жиберди.

— Жубанып калганыңда (акыры жубанбай кайда барат элең) сен мени билгениңе кубанасың. Сен дайыма досум бойдон каласың. Мага кошулуп күлгүң келет. Кээде сен терезеңди моминтип ача салсаң, дароо жаның жыргай түшөт... Анан асманга карап алып күлүп жатканыңды көргөн досторуң аң-таң калышат. Аларга сен: «Ырас, мен жылдыздарга карап алып дайыма күлө берем!» деп айтасың. Анан алар сени акылдан тайган экен деп ойлошот. Көрдүңбү, мен сени кандай жаман кылам...

Ал дагы күлүп жиберди.

— Сага жылдыз эмес эле, бир короо күлкүчү жылаажын бергенсидим окшойт...

Ал дагы күлүп жиберди. Анан кайра олуттуу боло калды:

— Билесиңби... бүгүн түнү... келбей эле кой.

— Мен сени жалгыз таштай албайм.

— Мен сага азап чегип жаткандай... атүгүл өлүп бара жаткандай көрүнөрмүн. Дайыма ошондой көрүнөт.

Келбей эле кой, келгениңин кереги жок.

— Мен сени жалгыз таштай албайм.

Бирок ал бирдемеден кабатыр болуп турду.

— Анткен себебим... баягы жыландан улам айтып жа-

там. Кокус ал сени чагып алса... жыландардын жини чукул да. Бирөөлөрдү чакса жыргап калат.

— Мен сени жалгыз таштай албайм.

Кайра ток пейил боло түштү:

— Баса, анын уусу экөөбүзгө жетпейт го...

Ошо түнү анын кантип туруп кеткенин туйбай калыпмын. Шырп алдырбай жылып жөнөгөн экен. Артынан жеткенимде, ал эчтемеден кайтпачу түр менен бат-бат арымдап баратыптыр.

— А-а, сен белең... – деп койду.

Дароо мени колтуктап алды. Бирок бирдемеден коопто-нуп баратты.

Бекер эле мага кошулуп алдың. Сен мага дит багып карап тура албайсың. Сага мен өлүп бараткандай көрүнүшүм мүмкүн, а чынында эч өлбөйм...

Унчукканым жок.





— Билесиңби... Сапарым чексиз узак. Денем өтө оор, аны өзүм көтөрүп кете албайм.

Унчукканым жок.

— Бирок бу эскирген чел кабыкты сыйрып таштагандай эле кеп. Ал үчүн кейий турган эчтеме деле жок...

Унчукканым жок.

Анын көңүлү бир аз чөгө түштү. Ошентсе да кайратын жыйнап, дагы жооткотуп көрдү:

— Билесиңби, бу абдан сонун болот. Мен да жылдыздарга карап-багамын. Анан бүт жылдыздар куду чыгырыгы кыйчылдаган эски кудуктар сыңар мага кымбат сезилет. Ар бир жылдыз мага суусунан берет...

Унчукканым жок.

— Кандай кызык болорун ойлоп көрчү! Сенин беш милл-пон жылаажының, менин беш миллион кудугум болот...

Ушундай деген соң ал өзү да унчукпай калды, анткени жашып кеткен эле...

Бир аздан кийин:


— Мына келип калдык, – деди ал. – Уруксат кыл, эми жеке өзүм бир кадам шилтейин.

Ал кумга отура кетти, анткени чочулап-корко баштаган эле.

Анан мындай деди:

— Билесиңби... розам... мен ага жоопкермин. А роза аябай маес! Куулук-шумдукту да түк билбейт! Анын төрт эле бечара тикенеги бар, дүйнөдөн калкаланар андан башка эчтемеси жок...

Мен да көчүк бастым, анткени буттарым аябай талып калган эле.



— Мына... болгону ушул... – деди ал.

Бир мүнөтчө аярлай калып, ордунан турду. Анан бир гана кадам шилтеди. А менин кыймылдаарга бурчам келбеди.

Бут алдынан сары чагылган кылак эте түшкөнсүдү. Көз ирмемге кыймылсыз турду. Кың деп үн бербеди. Анан кыйган дарактай каалгый барып кулап түштү. Кум шоокумдун баарын жутуп алат эмеспи, ошон үчүн каалгып табыш чыгарбай кулады.

## XXVII

Андан бери, мына, алты жыл өттү. Анын жөн-жайын мен эмгиче эч кимге айта элекмин. Кайтып келгенимде жоро-жолдошторум мени аман-соо кайра көргөндөрүнө кубанышты. Жүрөгүм мыкчылып санааркап жүрдүм, бирок аларга сыр алдырбай:

— Бу тек гана чарчаганым... – деп коёр элем.

Көңүл дартым бара-бара билинбей жазылып кетти. Жаңылышам... таптаза жазылган жок. Бирок мен Кичинекей ханзада өз планетасына аман эсен жетти деп ишенемин, анткени таң атканда баягы кумдан анын денесин таппай калдым. Денеси анча деле оор эмес эле. А мен болсом түн киргенде жылдыздарды тыңшаганга ышкыдармын. Куду беш миллион жылаажын сыяктанышат...

Бирок момундай бирдеме баш катырат. Мен козуга ширге тартып жатканда, кара басып, боосун кошо тартпай калыпмын! Кичинекей ханзада эми аны козунун оозуна кептеп токтото албайт. Анан өзүмө өзүм суроо берем: анын планетасында эмнелер болуп жатты экен? Кокус козу розаны жеп алды бекен? Кээде мен өзүмө: «Жо-ок, эч андай болбойт! Кичинекей ханзада түндөсүн

дайыма розасына айнек калпакчаны кийгизип коёт, козусун да тирмие көзөмөлдөп турат...» – деп айтам. Ошондо бактыга балкыйм. Жылдыздар да баары шыңгырап күлүп жиберет.

А кээде мен өзүмө: «Кээде эсер болуп да каласың... ошондо кырсыктын ар кандайын күтсө болот! Кокус ал кечинде айнек калпакчаны эсинен чыгарып коёбу, же козусу түндөсү тымызын бошонуп кетеби...» – деп айтам. Ошондо жылаажындардын баары ыйлап жиберет..

Мунун баары табышмактуу да, акылга да токтобойт. Кичинекей ханзаданы жакшы көрүп калгандар, силер да менчилеп эч качан, эч качан кайдыгер боло албайсыңар, анткени ааламдын кайсы бир бурчунда, балким, биз дегеле көрбөгөн бир козу бизге бейтааныш бир гүлдү жалмап салганын ойлосоң бүт дүйнө башкача боло түшөт.

Көк асманга көз чаптыргыла. Өзүңөрдөн: «Баягы роза аман-эсен бекен, же тыйпыл болду бекен? Кокус аны козу жалмап койду бекен?» – деп сурап көргүлө. Ошондо силер көрөсүңөр: дүйнө такыр башкача боло түшөт...

Мында кандай улуу маани бар экенин чоң кишилердин бирөө да эч качан түшүнө албайт!

Бу жер, менимче, дүйнө жүзүндөгү ашкан калктуу жана ашкан муңдуу жер. Чөлдүн ушу бурчу мындан алдыңкы эле баракта тартылган, бирок силер жакшылап карап алсын деп дагы бир жолу тартып салдым. Кичинекей ханзада биздин планетанын дал ошол жеринде адеп пайда болуп, кийин ошол жерден кайра көздөн кайым болгон. Эгер качандыр бир Африкага, эрме чөлгө барып калсаңар, а жерди сөзсүз тааный коюш үчүн ыклас кылып карагыла. Силерден жалбарып суранарым: эгер ошо жерден кокус өтүп калсаңар, ашыкпагыла, алиги мен айткан жылдыздын

астына бир аз аярлай тургула. Эгер жаныңарга алтын көкүлчөн бир кичинекей бала басып келсе, эгер ал кыт-кыт күлүп, суроонорго жооп бербесе, силер, албетте, анын ким экенин дароо баамдай коёсуңар. Силерден көптөн-көп суранарым: өшөндой болуп калса, менин убайымдуу көңүлүмдү жубатуу жагын эсиңерден чыгарбагыла, анын келгенин билдирип мага тезинен жазып жибергиле.



135г